Элет өнүксө, өлкө өнүгөт!

# АЙЫЛ ДЕМИ

КЕЛИШИМ БААДА

Декабрь, 2018-жыл

Атайын чыгарылыш

a.demi.news@mail.ru www.agoca.kg www.facebook.com/ayil.demi/



**Алиона Никулита,**
Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү Программасынын Кыргыз Республикасындагы туруктуу өкүлүнүн милдетин аткаруучу

## Урматтуу кыргызстандыктар!

Сиздерди кирип келген 2019-жаңы жылыңыздар менен чын дилимден куттуктайм! Жаңырган жыл ар бирибиздин үй-бүлөбүзгө тынчтык, аманчылык, эл-жерибизге береке, молчулук, токчулук, ынтымак алып келген акжолтой, ийгиликтердин жылы болсун! Жаңы жыл баарыбызга бекем ден соолукту, кайраттуулукту жана берекелерди тартууласын! Жаңы жыл ак тилектин, аруу ниеттин, ынтымактуулуктун жана тилектештиктин жылы болсун!

### ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ ӨРГӨ ЖЕТЕЛЕЙТ



3-БЕТ

### АК ИЛБИРСТИ САКТОО- БИЗДИН МИЛДЕТ



4-БЕТ

### АЙЛАНАБЫЗГА АЯР МАМИЛЕ ЖАСАЙЛЫ



9-БЕТ

### БААРЫБЫЗ ЖАРАТЫЛЫШТЫН БАЛАСЫБЫЗ




16-БЕТ

# ЖАРАТЫЛЫШЫБЫЗДЫ КОРГООГО ЖАКШЫ ШАРТ ТҮЗҮЛДҮ

**Эзелтеден кыргыз эли өз жашаган табият коюнунда айланасындагы жан –жаныбарлар менен ынтымакта болуп келген. Ал гана эмес улуу тоолордун ак кар, көк музун аралап жашаган ак илбирстерди өздөрүнүн коргоочусу, куту катары баалаган. Ошондон улам жаратылышка аяр мамиле жасап, аны урмат туткан. Керек болсо тоо, ташты аралап агып келип жаткан сууга түкүрбөгөн. Адамзаттын жаңычылдыкка умтулуусу анын ар кандай ыкмаларды өздөштүрүүсү жаратылыштын байлыктарына кайдыгер кароого, өздөрүн андан өйдө саноого алып келгендиги жашыруун эмес. Анан кала берсе союздун тарашы менен экономикалык кыйынчылыкка учураган кыргыз эли да жаратылыш байлыгына аёосуз кол салып талкалап жибергенин тана албайбыз. Улуу тоолордо мекендеген аркар, кулжа, кала берсе ыйык санаган ак илбирске да аңчылык күчөп, анын кескин азайышына жол ачылган. Бул биздин гана өлкөнүн эмес, тоолуу өлкөлөрдүн баарына тиешелүү көрүнүш болуп калган. Убакыттын өтүшү менен аң-сезимдүү ой жүгүртүп, курчап турган чөйрөнү коргоого байланышкан долбоорлорду ишке киргизип келишет. БУУӨП–ГЭФтин «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо» аталышындагы ири долбоор биздин тоолуу аймактарыбызда ишке ашырылууда. Албетте мындай ири долбоорду жүзөгө ашырууда өнөктөштөр жардамга келишет. Алгач аталган долбоордун аткарылышында кызматташ болгон эл аралык уюмдар жайында кыскача маалымат берип коюуну туура көрдүк.**



**Глобалдык экологиялык фонд (ГЭФ)** – эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар, ошондой эле жеке сектор менен өнөктөштүктө аракеттенүү аркылуу глобалдык экологиялык көйгөйлөрдү чечүү үчүн 181 өлкөнүн өкмөттөрүн бириктирип турат. Бүгүнкү күндө ГЭФ курчап турган чөйрөнүн абалын жакшыртууга багытталган долбоорлорду каржылоонун ири булагы болуп саналат. Көз карандысыз финансы уюму болуп саналуу менен ГЭФ биоартүрдүүлүк, климаттын өзгөрүшү, эл аралык суулар, жердин деградациясы, озон катмары жана туруктуу органикалык булгагычтар тематикасы боюнча долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн гранттарды берет. 1991-жылдан баштап ГЭФ өнүгүп жаткан өлкөлөрдү жана өткөөл экономикасы бар өлкөлөрдү колдоо жагында зор ийгиликтерге жетишти. Ал $9,2 млрд. грант берип жана 168ден ашык өлкөлөрдө 2700 ашык долбоорлорду чогуу финансылоого $40 млрд. доллар тарткан.

**Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү Программасы (БУУӨП)** бардык деңгээлдерде кризиске каршы турууга жөндөмдүү коомду курууга, ошондой эле ар бир адамдын жашоо турмушунун сапатын жакшырта турган экономикалык өсүш деңгээлин башкарууга жана колдоого жардам берүү аркылуу адамдар менен тыгыз кызматташат. 177 өлкөдө орун алуу менен биз жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жана турмушка жөндөмдүү улутту курууга жардам берүү үчүн глобалдык келечектерди жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү терең түшүнүүнү сунуш кыла алабыз.

**Аскасы асманга сайылган, ак мөңгүсү кылым карыткан улуу тоолордун жаратылышы өзгөчө. Жараткандан берешендик менен кыргыз элине насип болгон керемет кооз жерибиздин байлыгын көздүн карегиндей сактоо ар бирибиздин милдетибиз. Чоң долбоордун жазылышына эмне себеп болгонуна азын-оолак токтолуп өтөлүк.**

**БАТЫШ ТЯНЬ-ШАНЬ – 200 экологиялык артыкчылыктуу аймактардын бири,** дүйнөнүн 34 маанилүү биоартүрдүүлүк борборунун бири жана дүйнөлүк мурастарга кирген жаратылыш объектиси катары аныкталган. Гималай менен Гиндикуштун флора менен фаунасын: **Памир аркылуу – Сибирь менен Жунгар Ала-Тоосу жана Алтай аркылуу – Монголия менен бириктирет.** Өсүмдүктөрдүн **2500** түрү бар, анын **12%**ын эндемиктер түзөт. Кызыл Китепке киргизилген өсүмдүктөрдүн **54** түрү бар. Жаныбардын **400** түрү, жоголуп бараткан жаныбарлардын **27** түрү, анын ичинде ак илбирс да бар.

**Төмөнкүдөй бир катар себептерден улам, Батыш Тянь-Шандын жайыттарынын 60%ынын сапаты начарлаган:**

- кожолукта мал-жандыктын көбөйүшү жана малды ашыкча жаюу;
- жерди туура эмес пландаштыруу жана колдонуу;
- климаттын өзгөрүшү жана кургакчылык.

Бул, адамдар жогору көздөй малын айдап барып, шалбааларда жана токой жайыттарда көзөмөлсүз жаюусуна алып келди. Үй айбанаттары жапайы жаныбарлардын тоютун түгөтүп, ансыз да алсыз экологиялык системаны андан ары бузууда. Биринчи кезекте, аркар жана тоо эчкилери жабыркоодо, алар көнгөн туругун таштап кетүүгө мажбур болушуп, артынан ак илбирстер да кетип жатышат.

Жогорудагыларга байланыштуу, долбоор төмөнкү негизги багыттарды тандап алды:

- ландшафттарды жана биоартүрдүүлүктү сактоо;
- токой жана жер ресурстарын туруктуу башкаруу;
- жергиликтүү коомчулукту ырааттуулук менен өнүктүрүү дүйнөлүк маанидеги биоартүрдүүлүктү коргоодо жана сактоодо ландшафттык ыкмаларды илгерилетүү жана Кыргыз Республикасынын Батыш Тянь-Шань тоолорундагы жер жана токой ресурстарын туруктуу башкаруу.

**Төмөндөгү өз ара байланышкан үч компонентти жүзөгө ашыруу аркылуу долбоордун максаты ишке ашырылмакчы:**

***1-компонент:*** **Ички ландшафттын негизги биоартүрдүүлүк тилкелерин сактоо жана аларды туруктуу негизде башкаруу.**

Жаратылышты коргоочу жогорку баалуулугу бар аймактарды жана токойлорду сактоо жана аларды коргоону күчөтүү.

- **87, 323** га – 2 жаңы корголуучу аймактар (“Алатай”, “Кан-Ачуу”);
- **198, 776** га – мурда түзүлгөн 4 корголуучу аймактар;
- **40,839** га – жогорку баалуулуктагы токойлор (HCVF).

***2-компонент:*** Буфердик аймактар менен экологиялык коридорлордо жер пайдаланууну жана токой башкарууну жөнгө салуу жана жергиликтүү коомчулуктарга туруктуу киреше алып келүүчү иш чараларды колдоо аркылуу **Батыш Тянь-Шандын аймагындагы экосистеманын туруктуулугун жана жаныбарлар жашаган жерлердин байланышын камсыз кылуу.**

Корголуучу аймакка туташ 2 административдик район: Токтогул жана Тогуз-Торо. Долбоор токойлорду жана жерлерди туруктуу башкаруу боюнча ыкмаларды киргизүүгө жардам берет. Бул жердин деградациясын жана бузулушун азайтат. **Туруктуу чарбалык-экономикалык ишке багытталган аймактык пландоо (башкаруудагы аң уулоо жерлери, тескелүүчү жайыт, аянттагы экотуризм):**

– буфердик аймактар жана коридорлор;
– түз эмес жалпы камтылышы.

**Кунары кеткен жайыттарды калыбына келтирүү максатында жерлерди туруктуу башкаруу боюнча ыкмаларды киргизүү:**

– 4 максаттуу коомчулук пайдаланган корголуучу аймактын жанындагы жайыттардын жалпы аянты;
– калыбына келтирүү үчүн кунары кеткен жайыттардын пландалган аянты;
– кунары кеткен токой экосистемаларын максаттуу калыбына келтирүү үчүн аянт.

***3-компонент:*** **Ак илбирсти жана экосистеманы коргоо боюнча аймактык жана дүйнөлүк кызматташууну илгерилетүү.**

Улуттук деңгээлдеги иш-чаралар менен долбоордун I жана II компоненттери боюнча ак илбирсти сактоону колдоо иштери:

- 2013-2023-жылдарга Ак илбирсти сактоо боюнча улуттук стратегияны (NSSLC) аткаруу боюнча мүмкүнчүлүктөрдү күчөтүү;
- ак илбирстин улуттук артыкчылыктуу ландшафттарын сактоого багытталган колдоо менен бирге ак илбирске мониторинг жүргүзүүнүн бирдиктүү эл аралык стандарттарын колдонуу;
- жапайы табияттын объектилерин мыйзамсыз ташууга каршы аракеттерди көрүүдө укук колдонуунун эл аралык стандарттарын пайдалануу;
- ак илбирс жашаган башка өлкөлөр менен тажрыйба алмашууга жана тренингдерди өткөрүүгө мүмкүнчүлүктөрдү берүү.

## Жыйынтыктар

1. Батыш Тянь-Шандын, “Алатай” жана “Кан-Ачуу” Мамлекеттик жаратылыш парктарынын биоартүрдүүлүгү боюнча калк арасында экологиялык сабаттуулукту жана маалымдуулукту жогорулатуу үчүн, ак илбирсти баш кылып фауна менен флоранын жоголуп бараткан жана сейрек түрүн сактоо боюнча бир нече иш чаралар уюштурулган.
2. “Алатай” жана “Кан-Ачуу” Мамлекеттик жаратылыш парктары үчүн каржылык жактан пландоо, бюджетин башкаруу, каржылык мониторинг, көзөмөлдөө жана Өзгөчө корголгон табигый аймакка түшүүлөрүн жогорулатуу үчүн отчеттуулук боюнча сунуштар менен жоболор жыйындысы иштелип чыккан.
3. Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин буйругу менен жаңы “Өзгөчө корголгон табигый аймактын жаратылышты сактоонун эффективдүүлүгүн баалоо методикасын” (МЕТТ) бекитүүгө жардам көрсөтүлдү.
4. «Алатай» жана «Кан-Ачуу» МЖПларынын алдында Байкоочу кеңеш түзүлдү: «Алатай» МЖПсынын БК (5 эркек,4 аял) жана “Кан-Ачуу” МЖПсынын БК ( 7 эркек, 4 аял).
5. КР Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин алдындагы “Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу” мамлекеттик мекемеси үчүн “КР Өзгөчө корголгон табигый аймакта токой аңчылык жайгаштырууну куруу методикасы” иштелип чыкты жана бекитилди. Жаңы методиканы колдонуу менен токой курулуш иштеринин 4328 бөлүнгөн энчиси баалоого алынган, ал «Алатай» жана «Кан-Ачуу» МЖПларынын бардык аймагын камтыйт. Мындан тышкары, “Кан-Ачуу” МЖПсынын 240 км. созулган ички жана тышкы чек арасы белгиленген.
6. «Алатай» жана «Кан-Ачуу» Өзгөчө корголгон табигый аймактарынын алдында штаттан тышкаркы 20 егерден турган (үчөө аял) биргелешкен сакчылык (патрулдук) тайпалары түзүлгөн.
7. «Кан-Ачуу» жана «Алатай» МЖПларында биргелешип сакчылык (патрулдук) кылган тайпалар коммуникация каражаттары, атайын кийим, оптика, фотокапкан, экспедициялык жабдыктар жана ат менен камсыз кылынган.
8. «Кан-Ачуу» жана «Алатай» МЖПларынын администрацияларына жаңы жол тандабастар, уюштуруу техникалары жана офистик жабдыктар берилген.
9. «Кан-Ачуу» жана «Алатай» МЖПларынын аймактарында фотокапкан коюлуп, аларды кантип пайдалануу боюнча егерлер окутулган.
10. Токтогул жана Аксы токой чарбаларынын аймагындагы токойлорду калыбына келтирүү үчүн 94 гектар аянтка баалуу көчөттөр отургузулду. Бул иш чараларды ишке ашырууда жергиликтүү жамаатташтыктан 49 адам убактылуу ишке алынган.
11. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн өкүлдөрү үчүн СИТЕС конвенциясын аткаруу жана ишке ашыруу маселелери боюнча СИТЕС Катчылыгы менен биргеликте төрт күндүк семинар өткөрүлгөн.

АЙЫЛ ДЕМИ

Башкы редактор
Нуржамал КУРМАНКУЛОВА
тел.: 0557 23 23 71
*kurmankulovan@mail.ru*

*Гезиттин демөөрчүлөрү*
Гезиттин уюштуруучусу АГОЦА (Борбордук Азиядагы Тоолуу Коомчулуктар Альянсы)
Азык-түлүк жана фермерлик байланыштар фонду
Кристенсен фонду

*Долбоордун жетекчиси:* Акылбек Рахманберди уулу
*Журналисттер:* Нурбүбү Бөдөшова, Жыпара Ибраимова
*Корректор:* Нуржамал Балпыкбаева
*Дизайнер:* Самат Сулайманов

**Гезит Юстиция министрлигинде катталган №1754**

Бул публикацияда берилген ойлор Бириккен Улуттар Уюмунун Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү программасынын, алардын программа/проектилеринин же өкмөттөрдүн көз-караштарын кескин түрдө чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын, же алардын чек-араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз-караштарды чагылдырбайт.

**РЕКВИЗИТИ:**
**Кабыл алуучу:** Борбордук Азиядагы тоолуу коомчулуктар Альянсы
**Счет:** 1180000035714697 **БИК:** 118003
**Банк:** Филиал «ДКИБ-Центр» ЗАО «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк»

**Биздин дарек:** Бишкек шаары, Киев көчөсү 96 а, 7 кабинет
*E-mail:a.demi.news@mail.ru*
**Түз байланыш:** 0312 88 13 04
**Моб:** 0555 50 06 09
Буйрутма 13 Нускасы 5000

*Биринчи беттеги сүрөт Нуржамал Курманкулованыкы*

# ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ ӨРГӨ ЖЕТЕЛЕЙТ



***Биздин «Айыл деми» гезитибиз республиканын бардык айыл аймактарына жетип, эл менен тыгыз иштешип жатканыбызга кубанычтабыз. Айыл аймактарды өнүктүрүүнү, элдин социалдык абалын жакшыртууну көздөгөн бир катар эл аралык уюмдар дагы биздин гезит менен алакалаш болуп иштешип келет. Кыргызстанда орчундуу орунду ээлеген БУУӨП-ГЭФтин «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо» долбоору айлана-чөйрөбүздү коргоо максаттарын туу тутуп, бир канча алгылыктуу иш аракеттерди жүргүзүүдө.***

***Сиздердин колуңуздарга тийген бул санныбызда так ушул долбоор алкагында аткарылган иштер жайында толук чагылдырууга аракет кылдык. Зор көлөмгө ээ бул долбоордун алкагында Жалал-Абад облусунун эки районунда коруктар түптөлүп, анын айланасында бир канча иш чаралар өткөрүлдү. Алардын орчундууларын ушул гезиттин барактарынан табасыздар. Анда окурман коому, сиздерди жогорудагы айтылган долбоордун ийгиликтери менен тааныштырабыз.***

***Баарыбызга белгилүү болгондой, кыргыз элинин жаратылышка болгон көз карашы акыркы мезгилдерде өзгөрүп кеткендей эле. Байлыктын жана өзүмчүлдүктүн туткунунда калып, айлана-чөйрөбүздөгү байлыктарыбызды чексиз талкалап алуу коркунучу жаралган. Анан аң-сезимдүү алдыңкы ойлуу азаматтар коңгуроо кагышып: "Биздин келечегибиз болгон урпактарга эмне-ни калтырып жатабыз?..", "Жаратылыш байлыктарына аяр мамиле жасабасак эртең кеч болуп калат", "Жаратылыш байлыктарын коргойлу, тукум курут кылып жиберип, илгерки Кожожаштын кейпин кийип калбайлы",- дей башташты. Мындай суроолордон кийин жамы журтка жаратылыш боюнча ой толготкон маселелерди камтыган коңгуроо байма-бай кагылып, жалпы журтчулугубуз айланага сергек карай баштады. Бул жерде өлкөбүздүн жаратылышын сактоо менен айлана- чөйрөгө зыян тийгизбей өнүктүрүү пландарын иштеп чыккан эл аралык ири уюмдар жардамга кол созушту. Алардын бирин, тактап айтканда айыл чарбасында болобу, социалдык тармакта болобу алдыңкы көз караштагы иштиктүү программасы менен алгылыктуу аракеттенип келе жаткан БУУӨП (ПРООН) атап көрсөтүүгө болот. Долбоорду жүзөгө ашырууда долбоордун координатору Миргүл Аманалиеванын оюна көңүл буруу туура болор.***

Бул долбоор Глобалдык экологиялык фонддун финансылык каржылоосу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин координациясынын алдында Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү Программасы тарабынан ишке ашырылууда. Буйруса, бул долбоордук программанын алкагында Токтогул районундагы «Алатай» жана Тогуз-Торо районундагы «Кан-Ачуу» Мамлекеттик жаратылыш парктарын өнүктүрүү боюнча бир катар иш чаралар аткарылат. Бул багытта жергиликтүү жамааттарды, тактап айтканда Токтогул районундагы Чолпон-Ата, Кызыл-Өзгөрүш айыл аймактарындагы жана Тогуз-Торо районундагы Көк-Ирим жана Атай айыл аймактарынын жергиликтүү тургундардын жаратылышка болгон жоопкерчиликтерин жогорулатуу боюнча, Кызыл китептеги коргоого алынган жапайы жаныбарларды, өсүмдүктөрдү сактоо жана ага кан көрүү боюнча иш чаралар уюштурулуп, ишке ашып жатат. Учурда ушул долбоорлордун үстүндө бир канча өнөктөштөр менен чогуу иш алып барууда.

Албетте, бул абдан маанилүү. БУУӨП-ГЭФтин долбоорунун негизги максаттары: *Кыргызстандын Борбордук Азиядагы башка мамлекеттер менен чогуу иш алып баруусу; маалыматтык жактан бөлүшүү, пикир алмашуу, мониторинг системасын иштеп чыгуу, ак илбирстин санын тактоо.* Бул мезгилге чейин БУУӨП эл аралык чакан семинар-тренингдерди өткөрүп келген жана азыр да өткөрүп жатат. Иш жүзүндө долбоордун алкагында каралып жаткан көйгөйлөр жеринде талкууланып, бир жыйынтыкка келип, ар кандай сунуштар киргизилүүдө. Тоолордогу ак илбирстерди саноо, так санын билүү үчүн бир эле ыкма менен эмес, атайын эксперттик тажрыйбаларды жүргүзүү менен бир канча ыкмаларды пайдалануу керек экендиги БУУӨП тарабынан иштелип чыгууда. Бул жердеги эң маанилүү нерсе - коруктардын аянтын көбөйтүү.

Негизинен, Батыш Тянь-Шандагы биоартүрдүүлүктү колдоо долбоорундагы эң маанилүү нерсе – бул, ошол коруктар жакын жайгашкан жерлердеги жергиликтүү тургундар менен чогуу иш алып баруу. БУУӨП ар бир жүргүзүлгөн иштеринде ошол аймактардагы жергиликтүү тургундарга жаратылышты, андагы биоартүрдүүлүктү сактоо жана коргоо абдан зарыл экенин айтып, туура түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келет. Албетте, жаратылышка аяр мамиле жасоо – бардыгыбыздын милдетибиз. Ар кандай маалыматтык өнөктүктү күчөтүү, маалыматты кызыктуу мазмунда жеткирүү менен иш алып барууга болот. Мына ушул нерсени негиз кылып алган БУУӨП учурда Маданият министрлиги менен бирдикте, жаш муундарга жомокторду, пъесаларды иштеп чыгып, аларды жалпы калкка тартуулоо менен жаратылышка болгон мамилени жакшыртуу керектигин өз программалары аркылуу ишке ашырып жатат. Мисалы: белгилүү жазуучу Султан Раев жазган, атактуу актриса Жамал Сейдакматова эжебиз даярдаган Ак илбирс тууралу сөзү жок, пантомима аркылуу билдирген спектакль БУУӨП тарабынан сахнага коюлду. Быйылкы жылга улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын ичинде жаратылышты коргоо боюнча кандай маалыматтар бар экендигине токтолуу менен дагы бир спектакль даярдалды. Айлана-чөйрөбүзгө кандай мамиле жасоо керектигин, жаратылыштын кайталангыс байлыктарын сактоо зарылдыгын жаш муундарга жеткирүүгө зор көңүл бургандыктан улуу дастаныбызга кайрылууга туура келди. Чынында, улуу эпосубуз "Манаста" да ак илбирс жөнүндө, жаратылыштагы жан-жаныбарларга аяр мамиле жасоо керек экендиги айтылып келет. Мына ушунун баарын бириктирип, салттуу түрдө элге жеткирүүнү максат кылган БУУӨП азыркы мезгилде өнөктөштөр менен биргеликте иш алып барууда. Ошондой эле аталган долбоордун алкагында чоң иш аракеттер болуп жатат. Тактап айтсак, 2018-жылдан 2021-жылга чейинки мезгилге Кыргызстанда "Ак илбирсти коргоо" боюнча жаңы программа иштелип чыккан. Ошол иш чаранын компоненттеринин бири "Экобилим". Бул программада "Экобилимге" арналган атайын пункт бар. Мына ушул максатта да БУУӨП мектеп окуучулары менен тыгыз иш алып барып жатат. Окуучулар жаратылыш, андагы жан-жаныбарлар тууралу ар түрдүү темадагы дилбаяндарды жазып сынактарга катышып жатышат. Жаш муундар мына ушундай иш чаралардан кийин өз алдынча пикирлерди билдирүү менен айлана-чөйрөнүн тазалыгын сактоо иштерине тартылат. Мындан сырткары, алар өздөрүнүн күчү менен театрлаштырылган чакан оюндарды коюшат.

БУУнун өнүктүрүү Программасынын негизинде өнөктөштөр менен биргеликте биоартүрдүүлүктү сактоо үчүн 5 жылдык план каралган. Ал программада көптөгөн план-программалар жазылган, алардын арасында кыргыз элинин башкы байлыктарынын бири, жайыт маселеси да ар тараптуу камтылган. Мисалы, коруктун тегерегиндеги жергиликтүү тургундар үчүн альтернативдүү кошумча киреше булактарын уюштуруп берүү. Анткени, жаныбарлар үчүн тоют, ал эми тоют үчүн жайыт керек. Жайыттарды жапайы жаныбарлар да пайдаланат десек, жайыттарды бөлүштүрүүдө түшүнбөстүктөр келип чыгышы мүмкүн. Ал үчүн жайыт пайдалануу планын биргелешип жан-жактуу кароо зарыл. Жайыттарды туура пайдаланууну да өздөштүрүү керек.

Мына ушул маселелердин баарын эске алганда жайыт пайдалануучулар менен биргеликте БУУӨП Токтогул жана Тогуз-Торо райондорундагы жайыттарды туруктуу башкаруунун биргелешкен пландарын иштеп чыгууда. Алардын райондук стратегиясына биоартүрдүүлүктү коргоо катары кандайдыр бир иш чараларды киргизүү БУУӨПтүн алдыдагы ири максаттарынын бири болуп кала берет.

*Бетти даярдаган Н.КУРМАНКУЛОВА*







# КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРДИ КӨТӨРГӨН ДОЛБООР

**Кыргызстандын кереметүү жериндеги бардык жаратылыш байлыктарын ченем чеги менен пайдаланып, аны келечек урпактарга калтырууга кам көрүлгөн. КРнын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин директору Абдыкалык Алибекович Рустамов БУУӨП-ГЭФтин башкы өнөктөшү катары «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги ар түрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо» долбоорунун алкагында кандай иштерди аткарып жаткандыгына мындайча токтолуп өттү:**



-Биздин агенттиктин иштеп чыккан атайын иш пландарыбыз боюнча Кыргызстандын бардык аймактарын карап көрүп, кайсы жерлерде коруктарды, кайсы жерлерде улуттук жаратылыш парктарын түзүү керектиги тууралу изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ошонун натыйжасында айлана чөйрөбүздүн жаратылышын жабырктапай сактап калуу керек болсо, анда, мерчемдүү жерлерде жаратылыш парктарын түзүү зарылдыгы келип чыгат. Ошондо Батыш Тянь – Шань тоо экосистемасында жоголуп бара жаткан жаныбарларды сактап калуу башкы орунга чыга келди.

Анан да биз биоартүрдүүлүк бонча эл аралык конвенцияларды ратификация кылганбыз. Ошол боюнча Кыргызстан өзүнүн аймагында курчап турган чөйрөнү коргоону 10 пайызга жеткирebiз деген милдеттеребиз бар. Бүгүнкү күндө аткарылганы 8 пайызга жетип калды. Бизде 23 өзгөчө корголуучу жайлар катталып турат. Коруктар, жаратылыш парктары, корукчалар бар. Кыргызстанда жашаган жаныбарлар болобу, курт-кумурскалар болобу баарын коргошубуз керек. Акыркы мезгилде жапайы жаныбарлардын деги эле жаратылышыбыздын жабыркашына адамдар чоң себебчи болуп жатат. Канчалаган жаныбарлар жоголуп кетти. Кыргызстанда жейрендер таптакыр жок калды. Айрыкча советтер союзу таркагандан кийин браконьерлер көбөйүп кетишти. Жаратылышы баштапкы калыбында сакталган жергебиз бүгүнкү күндө коркунучта калды. Адамдар жаратылыш байлыктарын туура эмес пайдалангандыктан, эртеңки күнү небир баалуу жаныбарларды таппай калуу коркунучуна кептедик. Анын ичинде улуу тоолорду мекендеген ак илбирстерибиз да жок болуп бара жатат. Ошондон улам, Кыргызстаныбыздын керемет байлыктарын сактоого зор көңүл бурулушу заман талабы болуп турат.

Өзгөчө Батыш Тянь-Шань тоолору, ааламда 200 артыкчылыктуу экологиялык аймактар бар болсо, ошонун бири так ушул тоолордо. Бул дегенибиз, Бүткүл дүйнөлүк мурастын жаратылыш объектиси Гималай менен Гиндикуштун жаныбарлары менен өсүмдүктөрүн бириктирип турат. Памир аркылуу Сибирь менен Жунгар Алатаусы жана Алтай аркылуу Монголияны туташтырып турат. Ушул аймактарда өсүмдүктөрдүн 2500 түрү өсөт. Анын арасында 12 пайызга жакыны эндемик өсүмдүктөр. Алардын 54 түрү Кызыл Китепке кирген. Жаныбарлардын 400гө жакын түрү байырлап, алардын арасынан 27си, эң башкысы – ак илбирс коркунучунда турат. Ушундай орчундуу маселелерден улам көйгөйлөрдү чечүү максатында "Алатай" жана "Кан – Ачуу" мамлекеттик жаратылыш парктарын түзүүнү белгилеп, аны ишке ашыра баштадык. Өзүбүздүн ички каражаттарды, ички мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, штаттык бирдиктерди ачып, егерлерди ишке тартып баштадык. Аларды толук камсыздап, ишке киргизүү үчүн чоң каражаттар талап кылынды. Мына ушул жерден биздин өнөктөшүбүз БУУӨП (Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү Программасы) жардамга келди. Биргелешип долбоорду иштеп чыгып, ГЭФке (Глобалдык Экологиялык Фондуна) кайрылдык. Алар каржылоону колго алышты. Мындай долбоор мындан мурун Хан-Теңирде ишке ашкан эле. Ал жерде да корукчулар үчүн имараттар курулуп, техникалык базасын чыңдап бергенбиз. Учурда, кийин түптөлгөн Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо жана Токтогул районунда жайгашкан "Кан-Ачуу" жана "Алатай" жаратылыш парктарында ушундай аракеттерди ишке ашырып жатабыз. Кордондор курулуш керек. Ал егерлердин жатып иштей турган үйлөрү болушу керек эле. Анан унаа керек болчу. Долбоордун каржылоосу менен Эки паркка эки жол тандабас – "Ниссан" үлгүсүндөгү автоунаа долбоордун алкагында алынып берилди. Аны менен жүктөрдү ташууга да болот, адамдарды да отургузуп алуу мүмкүнчүлүгү бар. Андан тышкары егерлерге аттар керек. Аттардын ээри, бардык жабдыктары керек дегендей, мунун баары чоң каражатты талап кылат. Учурда керектүүлөрдүн баары менен камсыз болушту.

Андан да чоң көйгөй иштегендердин билимин, деңгээлин көтөрүү керек эле. Окутуу иштерин да бирге алып кетишти. Ар бир кызматкерибиз документтерди кандай толтуруу керектигин, кандай иш жүргүзүү керектигин окуп, билип өз деңгээлдерин көтөрүштү. Мыйзамды бузгандарды кармаганда аларга доо койгондо, аларга түшүндүргөндө ар бир документтин так болуусуна жетише алышат. Бул маселеде биз БУУӨП-ГЭФ менен өтө тыгыз иштеп жатабыз. 2017-жылы биз Форум өткөргөнбүз, ак илбиристи сактоо боюнча, ошол жерде так ушул маселелер бар. Өзүңүздөр көрүп күбө болгондой, териси баалуу жаныбарлардын терилерин пайдалангандар болуп жатат. Көчмөндөр оюндарында да терилерди илип алгандар болду. Такташтыра келсек, айрымдары музейлерден алган болуп чыкты.

Мамлекеттик парк түзүлгөндөн кийин ошол жердеги жашаган илбирстердин тамак-ашын да сактоого көңүл буруп жатабыз. Ак илбирстерди атпаса деген ниетте ушул улуттук парктар түзүлгөн. Аткандар үчүн айып пулдун көлөмүн да көбөйттүк мурда азыраак эле. Мисалы, ак илбирсти аткандар болуп калса 1 500 000 сом айып пул төлөшөт. Атайын элге түшүнүктүү болсун үчүн салыштырып да айтып, аны теледен да көрсөтүп жатабыз. Брошюраларды да чыгардык. Бир барсты же аркар–текелерди атып, канча миң сом төлөшөт. Ошол акча каражатына канчалаган мал алып алса боловорун эсептеп көрсөтүп жатабыз. Анализ жүргүзүп, аны салыштыруу аркылуу элге түшүндүрүүгө болот деген ишеничтебиз. Жер-жерлерде түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз. Браконьерлерге каршы күрөш күчөтүлүп жатат. Фото капкандарга түшүп калгандарды Ички иштер кызматкерлерине кайрылсак эле тез арада таап берип жатышат. Коруктарда атайын фотокапкандар коюлду. Андан тышкары төрт «Дрон» алынды, бизге браконьер ким болосун, баары бирдей мыйзамдуу түрдө жоопко тартылат. Ал чиновникпи, жөнөкөй малчыбы баары бирдей. Дагы төрт «Дрон» алынат. Аны ошол өзгөчө коргоого алынган аймактагыларга беребиз. Мисалы, Кара-Буурада жаныбарлар менен кармалгандар болду. Бизге ички иштер кызматкерлери жакындан жардам берип жатышат. Документтерин толтуруп, мыйзамдуу түрдө кармалганын аныктап, аларга өткөрүп берип жатабыз. Ошону байма-бай көрсөтүп, айтып жатабыз. Браконьерлер ким болбосун бирдей жаза аларын түшүндүрүп жатабыз. Ал маалымат каражаттары аркылуу таратылып жатат.

Өлкөбүздүн өнүгүшүнө жакындан жардам берген БУУӨП менен ГЭФтин биргелешкен долбоорунун алкагында көп иштер жүргүзүлдү, ушул эки уюмга чоң алкыш айтуу менен мындан ары да тыгыз иш алып барабыз деген зор ишенимтемин.

*Маектешкен Н.КУРМАНКУЛОВА*

# АК ИЛБИРСТИН ТҮРЛӨРҮН ЖАНА АЛАР ЖАШАГАН АЙМАКТАРДЫ САКТОО - БИЗДИН МАКСАТЫБЫЗ

**Жаратылыш парктары – өзгөчө экологиялык, тарыхый- маданий жана эстетикалык нарктуулукка ээ болгон, жаратылышты коргоо, агартуучулук, илимий максаттарда пайдаланууга багышталган жана жаратылышты коргоо мекемелери болуп саналган жаратылыш комплекстери. Жаратылыш парктарына уникалдуу жаратылыш ресурстарын жана объекттерин сактоо, маданий жана жаратылыш мурастарын, тактап айтканда археологиялык, тарыхый, этнографиялык объекттерди, ландшафттарды сактоо милдети жүктөлгөн. Азыркы учурда МЖП тардын иштерин алга жылдырууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин «Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу» мамлекеттик мекемесинин директорунун орун басары Козубаев Надырбек Өмүрзакович менен биздин кабарчыбыз маектешип кайткан.**

**-Надырбек мырза, айтсаңыз, учурда егерлерге кандай шарттар түзүлгөн?**

- БУУӨП-ГЭФ долбоорунун алкагында материалдык-техникалык база тарабынан жетиштүү иш алып барылды. Тактап айтканда рация, чатыр, дүрбүлөр, фотоаппараттар, фотокапкандар, телефондор алынды. Егерлер үчүн аттар берилди. Ошону менен бирге ар бир МЖПда офистерибиз бар. Ушунун баары егерлердин жумушун жеңилдетти. Егерлер жаныбарларга жана канаттууларга болгон өз байкоолорун жазышат. Ал эми ар бир парктагы илимий кызматкер алардын жазгандарын жыйынтыктайт.

**-МЖПтарындагы ак илбирстер тууралу айта кетсеңиз. Ошондой эле Бүткүл дүйнөлүк Экосистеманы жана Ак илбирсти коргоо программасынын алкагында кандай иштерди алып барып жатасыздар?**

-Сейрек кездешүүчү жана жергиликтүү ак илбирстин түрлөрүн жана алар жашаган аймактардын экосистемаларын сактоо биздин бирден - бир максатыбыз. БУУӨП-ГЭФтин долбоору менен «Алатай» жана «Кан-Ачуу» жаратылыш парктары ак илбирсти коргоо боюнча дүйнөлүк 20 ландшафттын тизмесине киргизилген. Ак илбирс – кыргыздар үчүн ыйык жаныбар катары элибиздин колдоочусу болуп эсептелет. Ак илбирстин негизги тамагы - бул тоо текеси. Эгер теке жок болсо, анда ак илбирс дагы болбойт. Эгерде текелер башка жакка оол кетсе, анда ак илбирстер алардын артынан кетет. Ошондуктан биз теке менен аркарларга да МЖПда ыңгайлуулуктарды түзүп жатабыз. Алардын биздин жерден кетпеши биздин токойдогу ак илбирсти сактап калууга зор таасири бар. Бүгүнкү күндө парктардын аймагынан бир эле ак илбирс эмес, теке жана аркарлар да эсепке алынды. БУУӨП-ГЭФ менен бирдикте такай иш алып барууу токойлорубуздагы ак илбирсти сактап калууда чоң жардамдарды жана дүйнөлүк аренага чыгуубузга өтө чоң



жардам берет деген ишенимдемин. Ошондой эле ак илбирсти сактоо, анын көбөйүшүнө кам көрүү биздин максатыбыз болууга тийиш.

**-Маек курганыңызга ыракмат! Ишиңизге ийгилик!**

*Маек курган*
*Жыпара ИБРАИМОВА*

# ЖАНЫБАРЛАР ЧӨЙРӨСҮН ЖАКШЫРТУУГА АРАКЕТ

Кыргызстанда мергенчилик чарбасынын өнүгүү жылдарынын ичинде көптөгөн позитивдүү тажрыйба топтолгон. Ушуну менен бирге, соңку жылдары кылдаттык менен карап чыгууну жана жаңы чечимдерди иштеп чыгууну талап кылган бир катар көйгөйлөр пайда болду. Ушул тармактын талдоосу азыркы этапта мергенчилик чарбаны жүргүзүү - ресурстарды пайдаланууга, башкача айтканда, керекке-жаракка ыкмасына гана алып келгендигин көрсөттү. Бул тармактагы жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө биз Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин Биотүрдүүлүктү сактоо жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары департаментинин директору Алмаз Мусаев менен маек курдук.

**-Алмаз мырза, Сиздердин департамент жаныбарларга канча убакытта бир мониторинг жүргүзүп турат?**

-Албетте, жапайы жаныбарлардын санын эсепке алууну өркүндөтүү боюнча иш жүргүзүлүп жатат. 2017-жылдын 25-майында мамлекеттик органдардын жана башка кызыкдар тараптардын катышуусунда жапайы жаныбарлардын санын эсепке алууну өркүндөтүү боюнча маселелерди талкуулоо боюнча жолугушуу өткөрүлгөн. Азыркы учурда, жапайы жаныбарлардын мониторинги жана кадастры жөнүндө жобо иштелип чыгып, макулдашуу процедурасынан өткөрүлүп жатат. Жаңы технологияларды, тактап айтканда GPS - навигаторлорду, фото-видеого кармагыч, учкуч аппараттар, дрондор пайдаланылып жатат.

**-Жапайы жаныбарларга аңчылык кылуу мөөнөтү кандай болууда?**

-Учурда жапайы жаныбарларга аңчылык кылуу мөөнөттөрү кыскартылган. Жаныбарлар дүйнөсүнүн объектилерин сактоо жана алар жашаган чөйрөсүнө жакшы шарттарды түзүү үчүн Мамлекеттик агенттик тарабынан "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн



2015-жылдын 23-мартындагы №143 "Кыргыз Республикасынын аймагында аңчылык кылуу эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтомдун долбоору иштелип чыгып, КР Өкмөтү тарабынан бекитилген (19.06.2017 -ж. № 383). Бул токтом менен тоо кочкору, тоо эчкиси, элик, каман сыяктуу туяктуу жапайы жаныбарларга карата 2 айга (январь жана февраль) аңчылык мөөнөттөрүн кыскартуу каралган. Азыркы учурда туяктуу жапайы жаныбарларга аңчылык 4 ай гана (август, сентябрь, октябрь, ноябрь) жүргүзүлөт. Мындан тышкары, мезгил учурунда бейшемби, шаршемби тынч күндөрү бар.

**-Маекке рахмат!**

# БААЛУУ ТЕРИЛЕРДИ ПАЙДАЛАНУУДАН БАШ ТАРТАЛЫБЫ?..

**Кылымдардан кылымдарга жашап келе жаткан кыргыз эли эзелтеден жаратылыш менен жуурулуша жашап, анын пайдасын да көрүп ага камкордугун да жасай билген экен. Ошондон улам элибизде атадан балага калган улуу сөздөр да арбын кезигет. «Чөптү кордосоң көзгө зыян», десе «Итти да ура берсең кайрылып каап алат» дешет. Анткени менен жашоо шартына ылайык жаныбарларды азыкка даярдап, жашоо улаганын тана албайбыз. Мал-жандын терисин пайдаланып кийим кийип, жамынчы, төшөнчү кылгандарын да моюндашка аргасызбыз. Жашоо улам жакшырган сайын жаратылыштын бизге берген белегине ачкөздүк менен мамиле жасап, эмне кылсаң да үнсүз калган, каршылык көрсөтө албаган жан-жаныбарларга болгон мамилебиз күч алды. Карышкырдын терисинен ичик, тон, андан кийин илбирстин терисинен керек болсо коздук үчүн атайылап, аларды, кырууга барып жатат. Жакында өткөн Көчмөндөр оюнунда улуттук баалуулуктарды көрсөтүүдө, түркүн аң терилерин боз үйгө жайып салышып, байлыктарын көрсөтүп чыгышты. Бир канча боз үйдө териси баалуу жаныбарлардын терилери төрдө илинип турганы маалым. Ошол эле мезгилде айрым эл аралык уюмдар жапайы жаныбарларды коргоого үндөп, аларды жоголуп кетүү коркунучунан сактоого чакырык таштап жатышкан. Мындай учурда баягы кооздук үчүн илинген кымбат баалуу аң терилерин кайра катып коюшка туура келди. Терилерден кооз буюмдарды жасагандар да ойлонуп калганы бышык. Жакында эле илбирстин терисине оронгон жигиттин сүрөтү интернетте пайда болгондо ага издөө салынганы жарыяланып калды. Чындыгында элибиздин байлыгы улуу тоолордун сыймыгы болгон жаныбарларды коргошубуз, келечекке баалуу белек болмокчу. Бул маселе Жогорку Кеңеште да козголуп, ойлор ортого салынды, эң маанилүүсү бул болду. Депутат жапайы жаныбарлардын терилерин колдонгондор миллиондоп айыпка жыгылаарын айтты.**

Илбирс жаныбарларынын тамагына айланган жаныбарларды да коргоо зарылчылыгы бар. Эгер бул жагына маани берилбесе, өз алдынча мергенчилик кылгандар тоо текелерин, маралдарды, камандарды атып, өз кызыкчылыктарына пайдаланып жатышат. "Каражат түшөт деп эле, алардын кырылуусуна алып келгенибиз туура эмес, - деген депутат Экмат Байпакбаев, - «валюталык мергенчиликке» чектөөлөр коюлуп, аларды атууга кеминде 10 жылдык мораторий киргизилиши зарыл, - дейт.

Бул багытта даярдалып жаткан мыйзам долбоорунун маанисин түшүндүргөн эл өкүлү: "Кыргызстан менен Тажикстанда гана чет элдик мергенчилерге уруксат берүү оңой – олтоң иш болуп жатат", - деп сынга алды.

Кыргызстан эгемендикти алган күндөн бери зуулдап жылдар алмашып чейрек кылымды артка калтырды. Ал аралыкта небир сонун ийгиликтер жаралып элибиз заманбап жашоого умтулуп келет. Өлкөбүздүн жаратылышы да элдин жашоо шартын жакшыртууга чоң дем берип турат эмеспи. Айлана-чөйрөбүздүн коозлугу ал жердеги жан-жаныбарлардын тийгизген таасири да бараандуу орунду алып турат. Бир эле ак илбирстин улуу тоолорду мекендеши канчалаган жаңылыктардын жаралышына өбөлгө болуп келет. Белгилей кетсек, дүйнөнүн 12 мамлекети биригип илбирс жаныбарын коргоо тууралу атайын Бишкек декларациясын 2013-жылы кабыл алган. Бул жыл сайын азайып бара жаткан илбирс тукумун сактап калуу маселесинин олуттуулугунан кабар берет. Аталган жаныбарлардын акыркы эсептеги саны 200гө жетип-жетпейт. Ошондон бери өлкөбүздө ак илбирсти коргоого абдан зор көңүл бурулуп жатат. Ошол кездеги президентибиз Алмазбек Атамбаевдин «Ким илбирсти атса –ал кыргыздын душманы»-деген сөзү да жаратылышты сүйүүчүлөргө дем бергени анык. Андан бери ак илбирсти коргоо иш чаралары кызуу жүрүп, бир канча эл аралык уюмдар чоң каражаттарды жумшап ири долбоорлорду ишке ашырып келе жатат. Алардын бири – **Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү Программасы (БУУӨП).**

Шаар сыртында жайгашкан «Татыр» эс алуу борборунун боз үйлөрүнүн биринде ак илбирстин терисин илип коюшкон. Бул тууралуу Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарбачылыгы мамлекеттик агенттигинен билдиришкен. Аталган мекеме кызматкерлери Мамлекеттик экотехинспекциядан бул теринин кайдан жана ким аркылуу келгенин аныктоону суранышкан. Мыйзамсыз аңчылык болсо аларды жазалоону да убадалашкан. Кыргызстанда териси баалуу аңдарга мыйзамсыз түрдө аңчылык кылуу алардын терисин пайдалануучуларга айып пул салынат:

— Марал, аркар же аюу терилери үчүн 1 миллион сом;

— Ак илбирстин терисин алгандарга — 1, 5 миллион сом;

— Тоо текелердин терисине — 100 миң сом;

— Эликтер жана түркстан сүлөөсүнү — 50 миң сом айып пул төлөшөт.

Эгерде бийлик мыйзамсыз аңчылыктан мамлекетке чоң көлөмдөгү зыян келип жатат деп эсептесе, анда аңчылык кылган жаранга 70 миң сом өлчөмүндө айып пул салынат жана түзөтүү иштерине тартылат же эки жылдан беш жылга чейин эркинен ажыратылат.

**Биз бул маселеге кайрылып Кыргызстандагы жаныбарларды коргоого алган уюмдардын өкүлдөрүнүн пикирин уккан элек. «Илбирс Фонду» коомдук фондунун директору**



**Заирбек Кубанычбеков териси баалуу аңдардын терилерине аяр мамиле жасоо аны колдон келишинче албай эле коюу керектиги тууралуу айтты.**

-Негизинен, илбирстин терисин мактаныч менен илип коюу бул туура эмес көрүнүш. Акыркы убакта ар кандай айып пулду киргизип, мыйзамдуу түрдө иштер жүрүп жаткандыктан бул көрүнүш бир аз азайды. Бирок, такыр эле жок болуп кеткен жок. Аң терилерин барктоого карата канча аракеттерди жасап, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турсак дагы натыйжасы аз болуп жатат. Биринчи, экинчи Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында айтып отурсак да, ар кандай мамлекеттик уюмдар баш болуп илип алып жатты. Айлана чөйрөнү коргоо агенттиги менен биргеликте өзүнчө бир мыйзам кабыл алып, ошонун негизинде түшүндүрүү иштерин жүргүзүп туруу, атайын механизмин иштеп, документ кабыл алыш керек. Кайсы убакта алып коюу керек, кайсы мезгилде айып тарттыруу керек деген механизмдерин иштеп чыксак, көзөмөлдөп туруу үчүн дагы шарт болмок. Кээде төрүндө илинип турган терини атадан балага калгандыгын айтышат. Чындыгында кээде андай болбой чыгат. Ал теринин качан алынганын аныктап атайын текшерүүдөн өткөрүү талап кылынат. Кээде жапайы жаныбардын өз алдынча кандайдыр кырсыктан жабыркагандыгын айтышат. Ошолорду аныктоого лабораториялык текшерүү керектелет.

Кыргызстан ак илбирсти коргоо боюнча дүйнө элдерине таанылып калган өлкө болгондуктан аң терилерин мактаныч катары төрүбүзгө илип алганыбыз ишибизге коошпой калууда. Мамлекеттик эмес уюмдар менен дагы кеңешкенбиз. Ар кандай жолдору, варианттары бар. Бир эле илбирс эмес, дагы Кызыл китепке кирген жаныбарлардын да коргоо иштерин иштеп чыгуу керек. Аң терилерин каалагандай илип алгандарга Мамлекеттик агенттиктен эскертүү айтылат, болбосо айып пул төлөшөт. Өзүм күбө болгон бир- эки учур болгон. Кафелерден барып, илинип турган аңдардын терилерин алдырган. Негизинен алганда, жаныбарлардын терисин илип коюу нерседен, илгерки түшүнүктөрдөн өттүк деп ойлойм. Мындай нерсе адамдын кандай экенинен кабар бербейт, айрыкча күндө адамдын жасаган ишине карап кандай экенин бааланган кез. Кызыл китепке кирген канаттуу, жаныбарларды атайын өзүнүн мыйзамдуу жолу менен аңчылыкка чыгып, белгиленген бир убакта алып барышат. Атайын мыйзамдуу түрдө атып, сатып алган нерсе болсо, өзүнүн үйүнө гана илсе, мыйзам жол берет. Дүйнөлүк тажрыйбага таянсак, эгерде уруксат кагазы менен болсо, бардык нерсеге мыйзам жол берет. Ошол эле бугунун мүйүзү, аркар, кулжанын мүйүзү боюнча айтсак дагы баары мыйзамга такалат. Эң башкы айтайын дегеним, азыркы заманда биз төрүбүзгө аң терилерин илип алып мактануу эмес, жоголуп бара жаткан аңдарды сактап калууга аракет жасагандыгыбыз менен мактанышыбыз керек.



*Н.КУРМАНКУЛОВА*

# ИШИНЕ БЕРИЛГЕН ЫКТЫЯРЧЫЛАР

**Айлана чөйрөбүзгө дыкаат карап, элибиздин жаратылышты сактап, коргоосуна кам көрүүсү үчүн көп күч аракет жумшалат. Албетте мындай учурда жергиликтүү эл арасынан чыккан адамдар эл аралык уюмдардын ишине жакындан жардам беришет. Биздин максатыбыз, БУУӨП-ГЭФтин «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо» долбоорунун ыктыярчылары менен маектешүү болгон. Долбоордун алкагында иштеп жаткан Жалал-Абад облусунун эки району Токтогул жана Тогуз-Тородогу жаңы түптөлгөн МЖПтарда ишти жандандырууга белсене киришкен Тогуз-Торолук айым Алтынай Жеңишова менен Токтогул районунун кулуну Сардарбек Момуналиевди кепке тарткандым.**



**Алгач кеп тизгинин Тогуз-Торо районунун активдүү кызы Алтынай Жеңишовага берелик.**

**- Бул жумушка кандайча келип калгансыңар?**

- Биринчиден, бул долбоорго ыктыярчы болууга интернет аркылуу сынак жарыяланган. Ыктыярчы болуума көп негиздер бар. Биринчиси: тоолуу, жаратылышы кооз, географиялык, жаратылыштык абалы, климаты катаал болгон, өзгөчөлүктөрү бар айылда туулуп, жашап иштеп жаткандыгым, апамдын биолог мугалим болгондугу. Экинчиси: Кыргыз Агрардык Академиясында окугандыгым. Менин буга чейин да ыктыярдуу негизде иш алып барып жана иш-чараларга катышуум жана патриоттук сезимдердин болгондугу - ыктыярчы болуумдун себептери.

**- Эмне иштерди аткарасыңар? Өзүңөрдүн иштериңер жөнүндө кененирээк маалымат айтып кетсең?**

- Долбоордун III компонентинде тең Тогуз-Торо районундагы аткаруучу бардык иш-чараларды уюштурууга, аларды биргелешип аткарууга бардыгына көмөк көрсөтөм, катышам, уюштурам. Долбоордун максаттарына жана натыйжасына жетишүү үчүн Тогуз-Торо районундагы пилоттук айыл аймактарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жайыт комитеттери, токой чарбалары, жергиликтүү жашоочулар, билим берүү мекемелери, жаш лидерлер, коомдук уюмдар менен долбоордо өнөктөштүктө иш алып барып жатам. Айта кете турган болсок, жаратылыш паркынын, материалдык базасын чыңдоо жана кызматкерлердин билим потенциалын жогорулатуу, токой чарбасы жана жайыт комитетине материалдык колдоолор, окутуулар жүргүзүлүүдө, пилоттук аймактын жашоочулары менен биркдикте коомдук кеңеш, коомдук патрулдук топтор түзүлдү. Билим берүү мекемелеринде экологиялык билим жана маалымат таратуу боюнча иш чаралар өтүп жатат. Эң чоң коомчулуктун көңүлүн бурдуруучу иш-чараларыбыз болуп "Парктар жүрүшү" акциясы жана "Ак илбирсти коргоо" боюнча жумалыктык өткөрүү иш чараларыбыз болду. "Кан-Ачуу" мамлекеттик жаратылыш паркынын социалдык түйүндө фейсбук баракчасы ачылып, анда алып барып жаткан иштер, биоартүрдүүлүктү, табиятты коргоого байланышкан маалыматтарды чагылдыруудабыз.

**- Эл силерге кандай көз караш мамиледе болуп жатат?**

- Коомчулуктун долбоорго, биздин иш алып барууга болгон көз караштары абдан позитивдүү. Жаратылышыбыздын жабыркап бараткандыгы, өндүрүштүк, урбанизациялык прогресстин экологиялык катастрофаларга, климаттык өзгөрүүсү, жер шарыбыздын таштандыга чөмүлүп, сууларыбыздын, абабыздын бузулуп, флора жана фауна, ландшафттарыбыз жок болуу коркунучуна кептелгенди жана аларды талкалап жок кылуу 5-20 жылда боло турган болсо аларды калыптандыруу жүздөгөн, 300-500 жылды, кылымды талап кыла тургандыгы ар жаранды, жашоочуну да түйшөлдүрүп жатат. Биздин жасап жаткан иштерибизге абдан кызыгышууда. Мына азыр "Парктар жүрүшү", "Ак илбирсти коргоо" боюнча акция жумалыктарыбызды өткөргөндө айрым мектеп, балабакчаларыбыз "Бизге эмнеге келбедиңер?.." деп таарынгандары болду. Мекеме-ишкана, уюмдарда "Бул иш-чарага бизди да тартсаңар болмок, биз да өз салымдарыбызды кошот элек" дешти.

Коомдук патрулга тартылгысы келген пилоттук аймактардан тышкаркы жаштар да кошулуу тууралу суранычтарын айтып жатышат. Фейсбуктагы жарыяланган маалыматтарыңар абдан пайдалуу жана кызыктуу болууда дешүүдө. Өзгөчө ноябрь айында фототузактар коюлду эле, бардыгы жаздын келишин чыдамсыздык менен күтүп, кандай жан-жаныбар түшөт экен деп күтүшүүдө.

**- Өзгөчөлүгү?..**

- "Кан-Ачуу" жерибиз байыртадан адамдын кызыгуусун арттырган, барган адам андагы жан-жаныбардын көп түрдүүлүгүн саймердиреп айтып бүтө албаган, аталышы да сырдуу болуп, ар кандай божомолдор, уламыштар айтылган жер. Кызыл китепке кирген жан-жаныбардын, өсүмдүктүн түрү ошол жерде, дары чөптөргө да бай деп айтылып келчү.

Өзгөчө баса белгилеп айта кетүүчү артыкчылыгы долбоордун бардык компонеттериндe биоартүрдүүлүктү сактоодо иш илимийинновациялык негизде жана жергиликтүү коомчулук бирге иш алып баруусу. Алсак, жаратылыш парктарында илимий негизде изилдөөсү, жаратылыш паркынын кызматкерлеринин заманбап жабдуулар менен иш алып барууну (GPS, фото тузактар ж.б) үйрөнүүсү, жайыт комитеттеринде электрондук системада натыйжалуу башкаруу жана демонстрациялык участокторду түзүү менен жайыттарды калыптандырууну илимий жана мониторингдик негизде иш алып баруусу, токойлорду калыптандырууда токой аянттарын кеңейтүү, жергиликтүү коомчулуктун парктын ишмердүүлүгүн башкарууга ачык катышуусу, браконьерликке каршы бирге иш алып баруусу, алардын альтернативдүү кирешe булактары менен иш алып барууга үйрөнүүсү гендердик тең салмактуулуктун эске алынуусу долбоордун артыкчылыктары деп эсептейм.



**Андан кийин биздин кабарчыбыз Токтогул районунан ыктыярчы болуп эмгектенип жүргөн Сардарбек Момуналиев менен баарлашкан.**

**- Бул жумушка кандайча келип калдыңар?**

- Токтогул жана Тогуз-Торо райондорундагы жаңы уюштурулган "Алатай", "Кан-Ачуу" мамлекеттик жаратылыш паркында ишке ашырылуучу долбоорго адистер керек деп интернет булактарынан жарыя окуп калдым. Берилген жарыя боюнча англис тилинде заявкаларды толтуруп, сынакка катыштым. Кыргызстандагы Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Өнүктүрүү Программасынын бош орундар (вакансиялык) конкурсунун I турунан өткөндүгүм боюнча телефон аркылуу кабар кылышты. Андан соң, Бишкек шаарындагы БУУнун үйүнө баарлашууга чакырып, андан өткөндөн кийин келишимге кол коюлду. Ошол күндөн бери иштеп келе жатам.

**- Өзгөчөлүгү?**

- БУУӨПтүн иштөө системасы тартипти жана тактыкты талап кылат. Ушуга байланыштуу ар бир жасалып жаткан иш чараларга жоопту көз караш менен карайсың. Эң негизгиси жаратылышты сактоо, экологияны коргоп калуу жана биоартүрдүүлүктү өнүктүрүү тармагы абдан кызыктуу чөйрө. Мен буга чейин экологияны булгануудан сактоо боюнча тазалык, көчөт өстүрүү акцияларын айылда, шаардык жана райондук деңгээлде уюштуруп келгем. Бул тармакка келгени жаратылыш сактоону өзгөчө сейрек кездешүүчү жапайы жаныбарларды, өсүмдүктөрү коргоп калуу иш чараларына катышып жатканымды баса белгилегим келет.

**- Эмне иштерди аткарасың?**

-Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү Программасынын долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү тарабынан **«Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо»** долбоору "Алатай" мамлекеттик жаратылыш паркында(МЖП) жана пилоттук айыл аймактарынан Токтогул районундагы Чолпон-Ата, Кызыл-Өзгөрүш айыл аймактарында иш алып барып жатат. Долбоордун алкагында уюштурулуп жаткан иш чараларда мобилизация иштерин аткарабыз. Пилоттук айыл аймактарындагы айыл өкмөттүн кызматкерлерине, айылдык кеңештин депутаттарына жана орто мектептерде жаратылышты сактоо боюнча көптөгөн маалыматтарды жеткирүү иштерин аткардык. Орто мектептерде өзгөчө экологиялык билим берүүнү колго алууну жайылтып жатабыз. Ал үчүн мектеп директорлору, географ, биолог мугалимдер менен иш алып баруу иштери бар. Мектеп окуучуларына мугалимдер КР Кызыл китебине кирген жапайы жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү сактап калуу боюнча лекцияларды, ачык сааттарды, ошондой эле сынактарды уюштуруп жатышат. Бул болсо окуучулардын жаратылышка аяр мамиле кылууга үндөп, мекенчилдик көз караштарын өзгөртө алат.

Долбоордун алкагында экологияны сактоо боюнча эл аралык даталуу күндөрдө жаштардын катышуусунда дагы массалык иш чараларды өткөрүп турабыз. "23-октябрь – "Ак илбирс күнү", "21-апрель "Парктар жүрүшү" акциялары сыяктуу иш чаралarda калктын экологияны сактоо боюнча көз караштарын өзгөртүү боюнча иш чараларды коомчулук менен бирге өткөрүүдөбүз. Айрым учурда БУУнун өнүктүрүү Программасы тарабынан уюштурулган республикалык иштерине дагы катышабыз. Бул жүргүзүп жаткан иш чаралардын баардыгы Батыш Тянь-Шань тоолорундагы биоартүрдүүлүктү сактоо максатында болуп жатат. Анткени "Алатай" МЖПда жалпысынан 199 омурткалуу жапайы жаныбарлардын түрү катталган. Алар: сууда жашоочулардан 1, сойлоп жүрүүчүлөрдөн 7 түр, канаттуулардан 111 түр, сүт эмүүчүлөрдөн 30 түр. Өсүмдүктөрдөн Семенов пихта карагайы чанда өсүүчү өсүмдүктөрдүн катарына кирет. Жогоруда аталган жаратылыш ресурстарын сактап калуу үчүн жергиликтүү айыл тургундарынын жаратылышка болгон мамилесин жакшыртып, аларды камкордук кылууга үндөө менен жалпы экосистеманы сактап калсак болот. Бул үчүн жаштардын очогу болгон орто мектептерде экологиялык билим берүүнү ишке ашыруу натыйжасын берет. Мындан сырткары жергиликтүү тургундардын арасындагы жаратылышты сүйгөн жамааттардын лидерлерин мисал келтирүү алда канча натыйжасын берет. Жаратылыштын сакчысы болгон айыл тургундарынан түзүлгөн коомчулуктун жардамы менен мыйзамсыз браконьерлер менен күрөшүүгө дагы болот. Айыл элине жаратылышты сактап калып, аны туура пайдалануу менен кошумча кирешe булактарын уюштуруп, ишкерчиликти өнүктүрүү боюнча багыт берүү милдетибиз бар.

**- Элдин көз карашы, мамилеси кандай болууда?**

- Эл арасында мен өзүмдү эркин алып жүрөм. Бардык жолугушууда так маалымат берип, элге сылык болууга аракет кылам. Алардын суроолорун, сунуштарын угууга аракет кылам. Учурда жергиликтүү тургундар бизге орто жана чакан ишкердикти өнүктүрүү боюнча өздөрүнүн долбоордук идеялары менен кайрылып жатышат. Айрым учурда пилоттук эмес айылдардын тургундары дагы бизге грант алууга кызыккан сунуштары менен келишет. Бардык кайрылган жарандарга болушунча долбоордун максаттарын түшүндүрүүгө аракет кылабыз. Эл бизге, биздин офиске ушул сыяктуу маселе менен кайрылышат. Менимче элдин бизге мамилеси абдан жакшы. Буйруса 2019-жылдары грант берүү программасы ишке ашып баштаса, эл менен мындан дагы тыгыз кызматташып иштейбиз деген ойдомун.

*Бетти даярдаган*
*Айнура ЭЛГОНОВА*










# ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНДА ЖАГЫМДУУ МААНАЙ ТҮЗҮЛДҮ

**"Алатай" мамлекеттик жаратылыш парки БУУӨП– ГЭФтин «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо» долбooруна киргизилген. Мамлекеттик жаратылыш паркынын абалын жакшыртып, ал жерде иштөөгө түз таасир этken бир канча алгылыктуу иштер жүрүп жатат. Сөзүбүз куру болбосун үчүн "Алатай" мамлекеттик жаратылыш паркынын директору Акылбек Турсуналиев Садыковичтин оюн ортого салалык.**



- Биздин парк 2016-жылы 26-январда КРнын № 27 токтому менен уюшулуп, бекиген. Паркыбызга БУУӨП-ГЭФ долбоорунун алкагында колдоолор көрсөтүлүүдө. Паркта 17 адам иштейт. Жамаатта мен жана орун басарымдан сырткары 10 егерь, 2 инженер, 1 бухгалтер жана 1 кароолчу бар. БУУӨП-ГЭФ тарабынан биздин жамаатка "Ниссан" үлгүсүндөгү автомашина тартууланган. Бул биздин алгачкы ийгилигибиз. Алдыда аткарылуучу бир топ жакшы программаларыбыз бар. БУУӨП-ГЭФтин бизге керектүү жабдыктар, егерлерге арналган кордондор менен камсыз кылабыз деген пландары бар. Буйруса, ал нерселерге жетишип калсак, ишибизге бир топ эле жакшы таасирин тийгизет. Уюшулган жылдан бери биздин иштердин натыйжасы айтарлык. Мыйзамсыз аңчылык азайып, азыркы күндө аюунун, бизде болгон жаныбарлардын саны көбөйдү деп айта алам. Эсебибиз боюнча, аюунун саны 16 дан 22 ге чейин жетти деп жатабыз. Фотокапкан орнотуп, буйруса так санын да билип калабыз. "Алатай" МЖПсы 56826, 4 га жерди камтыйт. Кара-Суу көлүндө жоголуу коркунучундагы пелядь, осман, маринка деген балыктар бар. Биздин талыкпаган эмгегибиздин аркасында азыр жээкте туруп, көлдөгү балыктарды көрсө боло турган деңгээлге жеттик. Бул болсо өз кезегинде балыктын саны көбөйгөнүн билдирет. Табигый көл 95 га жерди ээлейт. Ал көл кыштын күнү толук тоңгонуна байланыштуу пелядь, осман, маринка деген балыктын түрү жашайт. Башка түрдөгү балыктар ал көлдө жашоого мүмкүнчүлүгү жок болуп чыккан. Долбоордун иши башталганча каржылоо өзүбүздүн агенттиктен болуп жатты. Негизи иштерибизди мерчемдүү түрдө аткарабыз. Ошондой ой максаттарыбыздын бири – жаш муунду жаратылышты сүйүүгө, аярлап коргоого үйрөтүү да каралган. Өз кезегибизде мектептерге барып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турабыз. Андан сырткары, жаз айларында "Парктар маршы" деген иш чара өткөрүп турабыз. Мектептеги жаштар арасында жаратылыш паркынын иштери менен тааныштырып, жаратылышты коргоого, жаныбарларды сактоого үйрөтүү үчүн ар кандай жарыштарды өткөрөбүз. Бул иш чаранын тарбиялык мааниси зор деп ойлойм, анткени кийинки муундун жаратылышты коргоого, сактоого болгон көз карашы таза жана күчтүү. Бул мезгилге чейин, мен Токтогул токой чарбасында 28 жыл эмгектенип келгем. Ал жерде көчөттөрдү отургузуп, өстүрүп коргоо жумуштарын аткарсак, бул МЖПнын иши кеңири масштабды камтыйт. Бизди курчап турган бардык жаратылыш ресурстарын көздүн карегиндей сактап, кийинки муунга татыктуу өткөрүп берүү биздин бирден бир милдетибиз. Өз убагында кемчиликти да айта кетпесек болбойт. Бар, мыйзамсыз балык уулоо, аюуну атып алышып, айып пул төлөшүп, иши сотко өткөн да жагдайлар катталган. Ошондой фактылар аз болсун деп биз кызмат кылып жатабыз. Чолпон-Ата, Өзгөрүш айыл аймактарында жергиликтүү тургундардан жамаат түзүлүп, долбоорлор жасылып, өткөрүлүп жатат. Жерди жакшы билет деген ойдо жергиликтүү элдин ичинен егерь алганбыз. "Алатай" МЖПсы Сары-Челек көлү менен чектешкендиктен, ал жактан бизге ашып келген туристтер катталган. Бирок, бизде азырынча туристтерди кабыл алчудай шарттарыбыз жок. Келечекте туризм боюнча эң сонун иштерди аткарабыз деген ниетибиз бар.





# КУРЧАГАН ЧӨЙРӨНҮ КУУРАТПАЙ САКТОО – БАШКЫ МИЛДЕТ

**Курчап турган чөйрөнүн бүтүндүгүн сактоодо кызмат аткаруу милдети өтө чоң жоопкерчиликти талап кылат. Ааламдашуу заманында айлана-чөйрөбүзгө астейдил мамиле жасап, аны көздүн карегиндей сактоо зарылдыгы жетилип турат. Өлкөбүздүн кооз да, көркөм аймактарында жаратылыш парктары түптөлүп, коргоого алынган. Сөз учугун "Кан -Ачуу" Мамлекеттик жаратылыш паркынын мурдагы директору Молдобеков Улукбек Молдобекович улантсын.**



- Кыргызстанда өзгөчө корголуучу жаратылыш парктарын 10%га жеткирүү макулдашуусу каралган. Ошонун негизинде ушул "Кан-Ачуу" Мамлекеттик жаратылыш паркы түзүлдү. Ушундай аймактарды кеңейтүү маселесинен келип чыккан иштер БУУӨП-ГЕФ долбоорунун негизинде ачылган. Азыркы күндө 14 кызматкер эмгектенет. Алардын ичинен 4 токойчу, 4 егерь, 1 бөлүм башчы, 1 илимий кызматкер бар. Ушул долбоордун жардамы менен материалдык базаны чыңдоого жардамдар көрсөтүлүп жатат. Буйруса, келечекте көп максаттар бар, жакшы иштердин башында турабыз. Тогуз-Торо аймагында 30496, 5 га жерге МЖП уюшулган. Жан-жаныбарларды коргоо максатында иш чараларды өткөрүп келебиз. Егерлер, токойчулардан сырткары, жергиликтүү тургундар менен жамаат уюштуруп, иш алып баруу башталып жатат. Штаттан тышкары егерлер да бир жамаат болуп түзүлүп, өздөрүнүн жардамдарын көргөзүп жатышат. Токойлорду жайгаштыруу иштери жүрүп жатат. Бүгүнкү күндө "Кан -Ачуу" Мамлекеттик жаратылыш паркы толук кандуу иштелип бүтө элек. Фотокапкан орнотуп алсак, анан жаныбарларыбыз такталып, ошого жараша иш алып барабыз. Илимдер академиясынан келишип, изилдөө иштерин жүргүзүп беришет, БУУӨП-ГЕФ долбоорунун негизинде иштешет. Элдин айтымы боюнча биздин корукта илбирс, тоо текелер бар. Буйруса, иштерибизди бир нукка коюп алабыз деген үмүттөбүз. Корук болгондон бери, аймак тынч болуп, тоо эчкилердин саны көбөйдү. Долбоор бизди унаа менен камсыз кылды, жакында аттар алынып берилет деп күтүп жатабыз. Жаштарды жаратылышты коргоого, сактоого үйрөтүү боюнча мектептер арасында окутуу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турабыз. "Парктар маршы" деген иш чаранын негизинде ар кандай кызыктуу акциялары райондук жаштар комитети менен биргеликте балдарды жаратылышты сүйүүгө, аярлап коргоого үйрөтүү үчүн жөө жүрүштөрдү, ар кандай семинар, тренингдерди өткөрөбүз. Долбоордун алкагында дагы ар кандай окутуу иштери жүргөндүктөн, кызматкерлердин билим деңгээлин көтөрүү максатында окутууларга катышып турушат. "Кан -Ачуу" МЖПсы уюшула электе мыйзамсыз аң уулоо көбөйүп кеткен. Коруктун иш учурунда да андай факты катталып, укук коргоо органдарына өткөрүп берилген. Ушул тапта сот иштери жүрүп жатат. Атайын мыйзам менен бекитилген айып пул өлчөмү чектелген, ошонун негизинде төлөмдөр талап кылынат. Ар кандай учурлар кездешет иш учурунда. Мыйзамсыз аңчылык кылуу учурунда кармалса да каршылык көрсөтүшөт. Андай учурда айласыз укук коргоо органдарына өткөрүп беребиз. Жергиликтүү тургундар менен жамаат уюштуруп, тургундар тарабынан да колдоо болуп, жаратылышка аяр мамиле кылууну, кийинки муунга татыктуу өткөрүп берүүгө чогуу аракет кылып жатабыз. Мындан сырткары, штаттан тышкары егерлер да иштейт. Алар парктын ичиндеги гана эмес, сырт жактагы да иштерди аткарышат. Алардын жардамы чоң.

Негизи эле егерлердин милдети чоң, жазгы, күзгү санактарды жүргүзүшөт. Биотехнологиялык жумуштарды жан-жаныбарларды коргоо иштерин аткарышат. Агенттиктин, департаменттин берген тапшырмаларын аткарабыз. Азыркы учурда дүйнө жүзү боюнча экологияны коргоп, кийинки муунга өзүнүн калыбын жазбай, сактап, татыктуу өткөрүп берүү маселеси менен иштеп жаткан кез. Өз учурунда биз да татыктуу иштер менен көрүнүп, чоң-чоң салымдарды кошобуз, жаратылышты коргоодо ийгиликтүү иштерди багынта бермекчибиз.




*Бетти даярдаган*
*Айнура ЭЛГОНОВА*

# УЛУУ ТООЛОРДУ ЭЭНСИРЕТИП АЛБАЙЛЫ

1985-жылы СССР жоголуп бараткан жана жоголуу коркунучунда турган жаныбарлар тууурасында Кызыл китеп кабыл алган. Ага Кыргызстанда жашаган бир катар канаттуулар, жан-жаныбарлар киргизилген эле. Анын ичинде ак илбирс дагы бар. 2013-жылдан баштап ак илбирс байырлаган Индия, Орусия, Казакстан, Өзбекстан, Ооганстан, Монголия, Непал, Кытай, Бутан, Тажикстан жана Кыргызстан сыяктуу өлкөлөр "Ак илбирсти сактоо" күнүн белгилей баштады. Кыргызстандагы бир топ уюмдар, Жаратылышты коргоо департаменти, маданият кызматкерлери БУУӨП-ГЭФ менен биргеликте ак илбирсти сактоо маселесине кыргыз коомчулугун көбүрөөк көңүл буруугa үндөп келе жатышат. Мына ушундай иш чара атайын БУУӨП-ГЭФтин демилгеси менен борборубузда октябрь айында болуп өттү.

## Алиона Никулита,

**БУУӨПтүн КРдагы туруктуу өкүлүнүн милдетин аткаруучу**




Биз өзүбүздүн өнөктөштөр менен биргеликте, тактап айтканда Маданият министрлиги жана курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги менен биргеликте мына ушул «Сур эчкинин каргышы» спектаклин тартуулап жатабыз. Бул спектакль аркылуу биз адамдарга жаратылышты кандай сактоо керектигин, аны кантип коргоону жана ак илбирсти кантип сактоону жеткирип келебиз. Бүгүнкү атайын иш чара мамлекет, маданият кызматкерлери, мектептер, жогорку окуу жайлар жана БУУӨП-ГЭФ менен биргеликте жаныбарларды, айрыкча ак илбирсти коргоо боюнча алып барып жаткан иштерибиздин үлгүсү десем болот. Спектаклдин премьерасы улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына жана ак илбирсти сактоонун Эл аралык күнүнө карата өткөрүлдү. Бул чыгарма - адам менен жаратылыштын бири-бири менен болгон мамилеси, алардын бири-бири менен болгон гармониялуу түрдө жанаша жашоосун чагылдырып бере алган мыкты чыгарма.

Спектакль адамдардын жаратылышка жана айлана-чөйрөгө карата болгон тескери мамилесин чагылдырып берип, адам менен жаныбарлардын көйгөйлөрүн алып чыга алды. Жаратылышка жана жаныбарларга болгон терс мамиле кандай болорун көрсөттү. Албетте, мындай иш чаралар аркылуу адам баласы жандуу жаратылышыбызды коргоого башкача көз караш менен карайт деген ишенимдебиз.

## Жаныш Кулмамбетов,

**КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу-драматург, кинорежиссёр, театр сынчысы**



**-Жаныш Осмонович, айтсаңыз, "Манас" эпосундагы экологиялык багыттар менен сиздин айлана-чөйрөгө болгон көз карашыңыз дал келеби?**

-Негизи "Манас" эпосунда каралгандай кыргыз эли көчмөн болгондуктан кыргыздын жашоосу жан-жаныбарлар менен, мал менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан кыргыз эли жан-жаныбарлардын баркын өтө мыкты билген калк болуп эсептелбиз. Биз негизи башка калктардан айырмаланып турабыз. Анткени, бизде ар бир жаныбардын түрүнүн пири бар. Маселен: койдун пири, уйдун пири, эчкинин пири, төөнүн пири жана башка. Мына ушулардан биздин, кыргыз элинин малды барктаганыбыз өзгөчө билинип турбайбы. Ошондуктан эпостун өзүн ачып карап көрө турган болсок, анда Манас төрөлө турган учурда Жакыптын, Чыйырдынын жана ошол эле маалда Бакдөөлөттүн түшүнө буудайык кирген. Дагы айталы Манасты колдогон кырк чилтен бөрү болуп келип, анан Манас кой кайтарып жүргөн учурда, тактап айтканда "Чоң жинди" атка конуп жүргөн мезгилде анын багып жаткан козусун ала качат. Анан ал бөрүнүн артынан барган Манаска сыр ачат. " Сенин атың башка, биз сени колдойбуз" деп айткандары эпостон белгилүү. Бул жерде да кырк чилтен жаныбарлардын түрүндө келип жатат. Андан сырткары, маселен айталы, Манастын өзүнө биз мүнөздөмө бергенде "көк жал" деп айтабыз. Демек бул адамга тийиштүү эмес. "Көк жал" деп биз карышкырды айтабыз. Ошону менен бирге эпосто Манастын сүрү арстанга, жолборско, ажыдаарга салыштырылган. Мына ушундай жазылгандардын баарынан биз жаныбарлар дүйнөсүн, кыргыз элин курчаган жана ушул жалпы планетадагы жаныбарларга карата сыйлаган жана аздектеген кыргыз элинин өзгөчө бир мамилесин көрө алабыз.

Анткени, көчмөн эл катары биздин турмушубуз мына ушул жан-жаныбарлар менен тыгыз байланышкан. Чынында кыргыздын жашоосу мына ушул жан-жаныбарлар менен биргеликте өткөн. Эпостогу мына ушул жагдайларды эске алуу менен "Манас" эпосундагы кыргыздын жан-жаныбарлар дүйнөсүнө карата болгон мамилеси жана ошол жаныбарлардын "Манас" эпосунда чагылдырылышы ошолорду сактоо кандай актуалдуу экендиги биздин 14-15 серияга чейинки тартыла турган анимациялык фильмдерде көрүнүшү керек деген ойдомун. Дагы бир жактан бир маселени алып карасак, биздин борбордук аянтыбызда мурда аял кишинин колуна түндүк кармап турган эркиндиктин эстелиги бар эле. Мына ушуга карата кыргыздын белгилүү эле адамдары "аял киши качан түндүк кармачу эле" деп каршы болушкан. Бир чети "канаттуу аял каяктан чыга калды?.." деген ой-пикирлер да пайда болгон. Демек бул сөздөр "Манас" эпосун толук билбеген адамдардын сөздөрү. Мен ушул жерде бир таптоо айтып кетейин. Эпосто Айчүрөк ак куунун кебин кийип алып, Чынкожо менен Толтой камалып жаткан жеринде жардам сурап Семетейге келет. Аны Чачыкей тосуп алып жолотпой койгондо, Семетейдин ак шумкарын ала качат. Демек мына ушул эпизоддор жаңагы адамдар айткан суроолорго жооп катары десек болот. Экинчиден чын-чынына келгенде Манас өлгөндө Манастын ордосун Абыке-Көбөштөр чапкандан кийин түндүктү көтөрө турган Каныкей менен Чыйырды болбоду беле?.. Мынакей, эпосто мына ушундай учурлар бар. Тилекке каршы, кыргыздар эпосту үстүртөн гана билет. Атын билет жакшы, а бирок затын жакшы билбейт. Мына ошол затын тереңдетип элге таанытуу максатында, айрыкча өсүп келе жаткан жаштарга таанытуу жана терең ачып берүү максатында БУУӨП-ГЭФ тарабынан биздин чыгармаларга көмөк көрсөтүлүп жатат. Биз БУУӨП-ГЭФке терең ыраазычылык билдиребиз. Анткени, алар мындай жакшы идеяны колдоп, "Манас" эпосундагы жан-жаныбарлар тууралуу жеткинчектерге жеткирүү жагына кам көрүп жатат.

## Жамал Сейдакматова,

**Кыргыз ССРинин Эл артисткасы, Мамлекеттик Токтогул Сатылганов атындагы сыйлыктын ээси, "Тунгуч" театрынын жетекчиси**



-Биз бул "Сур эчкинин каргышы" аттуу спектаклди БУУӨП-ГЭФтин жардамы менен сахнага алып чыгып жатабыз. Биринчиден бул чыгарма Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналып жатат. Негизинен спектаклди алып чыгып жаткан учурда анын мазмунуна аябай көңүл бурулат. Андан сырткары көрүүчүлөр кандай кабыл алат, мына ушул негизги маселе. Бул спектаклдин негизги идеясы - адамдардын жан-жаныбарлар менен гармониялуу түрдөгү жашоосун жана ушул гармонияны бузган конфликттерди чагылдыруу. Бул спектакль биз бүгүнкү күндөгү ар бирибиз учурата турган чыныгы көйгөйлөрдү чагылдырып бере турган, тактап айтканда жан-жаныбарлардын баарын, анын ичинде жоголуп бара жаткан ак илбирс жана башка жаныбарлардын жашоосун чагылдырган чыгарма болуп саналат. Акыркы учурда ааламда эмне деген гана нерселер болуп жатат. Адамдар жан-жаныбарларды өлтүргөнү аз келгенсип, бири-бирин өлтүрө башташты, мыкаачылык кыла баштышты. Албетте, бул жан дүйнөңдү өтө азапка салган нерсе. Аалам бир башкача жаман жакка сүңгүп кирип бара жаткансыйт. Жүрөгүңдү ооруткан ар кандай үрөйдү учурган окуяларды карап туруп, артыбызда өсүп келе жаткан балдарыбыздын жашоосун ойлоп тынчсыздана турган учур болуп калды. Мына ушул спектакль менен биз аз да болсо жаш муундарга, деги эле адам баласына жаратылыштагы жан-жаныбарларга туура мамиле кылууга үндөп жатабыз. Бул спектакль улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун "Кылым карытар бир күн" жана "Кыямат" чыгармаларынын негизинде даярдалды. Ошону менен бирге "Кожожаш" чыгармасы да камтылды. Спектакль өзүнчө бир өзгөчөлүккө ээ. Алсак, каармандар өтө кыймылдуу келип, ар бир болуп жаткан окуяны так жана таамай чагылдырып беришет. Ошону менен бирге кээ бир жердеги монологдор манасчылардын ыргагына салынып айтылат.

## Кумар Мамбеталиев,

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин Биотүрдүүлүктү сактоо жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары департаментинин директорунун орун басары**



-Мен биринчиден баарыңыздарды "Ак илбирсти сактоо күнү" менен куттуктап кетмекчимин. Ошону менен бирге мына ушундай коoз жана сейрек кездешүүчү табышмактуу жаныбар болгон ак илбирсти ар дайыма сактоого чакырып кетким келет. Мына бүгүн биз ушул иш чаранын негизинде Жамал Сейдакматова баштаган "Тунгуч" театры менен биргеликте режиссер Жаныш Кулманбетов койгон "Сур эчкинин каргышы" деген спектаклдин ачылышына катышып жатабыз. Учурдан пайдаланып, мен БУУӨП жана ушул кыргыздын атактуу адамдарына ыраазычылык билдирип кетким келет. Анткени маданий чөйрөдө атайын БУУӨП-ГЭФтин колдоосу менен элдин жаныбарларга болгон көз карашын жакшы жакка үндөп, аларды коргоого болгон мамилеге маданий жактан зор салым кошушту десем жаңылышпайм. Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбачылыгы мамлекеттик агенттигинин биотүрдүүлүктү сактоо жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары департаментинин көптөгөн долбоорлордун алдында иштеп келе жатат. Биздин Ак илбирсти коргоо долбоорубуз дагы БУУӨП-ГЭФтин жардамы менен бир топ иш чараларды өткөрүү менен бирге, калкка жаныбарларды коргоо жана сактоо иштери боюнча кеңири маалымат жеткире алдык. Ошол эле учурда жакшы жыйынтыктарга жетиштик. Айрыкча ак илбирстин биологиялык өзгөчөлүгүн, алардын миграция жолдорун жана активдүүлүгүн тактап билдик. Изилдөөлөрдү жүргүздүк, маалыматтарды калкыбызга жеткирдик. Алдыда дагы көп пландарыбыз бар.





Бетти даярдаган Ж.ИБРАИМОВА

# АЙЛАНА-ЧӨЙРӨБҮЗГӨ АЯР МАМИЛЕ ЖАСАЙЛЫ

***Кыргызстанда ар жыл сайын 23-октябрда Эл Аралык Ак Илбирс күнүн белгилеп келебиз. 2013-жылдын 23-октябрында сейрек кездешүүчү уникалдуу ак илбирсти сактоо боюнча Кыргызстанда атайын Декларация кабыл алынган. Мындай иш чаранын уюшулганына быйыл алты жыл болот. Ар жыл сайын өтүүчү салтты улап, быйыл, тактап айтканда 2018-жылдын 22-октябрынан баштап 30-октябрга чейин БУУӨП бир канча өнөктөштөрү менен бирдикте Ак Илбирсти сактоо жана коргоо декадасын уюштурду. Бул декадада БУУӨП тарабынан бир канча программалар иштелип чыгып, атайын иш чаралар өткөрүлдү.***











«Mountain Expo» аталышындагы Эл Аралык Тоо көргөзмөсүнүн алкагында «МЕНИ САКТА!» - сенин жаратылышың» аталышындагы фотокөргөзмө уюштурулду. Бул көргөзмөгө коюлган сүрөттөр жана инсталляциялар аркылуу БУУӨП адамдарга биоартүрдүүлүктү сактоодогу ар кандай көйгөйлөр, флора жана фаунадагы сейрек кездешүүчү жана жоголуп бара жаткан жаныбарлар, анын ичинде ак илбирс тууралу маалыматтарды бере алды.

***

«Ак Илбирстин Эко үйү» көргөзмөсүнүн алкагында атайын фотокөргөзмөлөр уюштурулду. БУУӨП тарабынан бул долбоордун алкагында ак илбирстин жашоосун чагылдырган видеороликтер жана фильмдер көрсөтүлдү. Ошону менен бирге манасчылар, комузчулар жана ырчылар катышып, өз өнөрлөрүн тартуулашты. Андан сырткары фотоаймактан ак илбирстин скульптурасы жана 3Д форматындагы образы чагылдырылып берилди.

***

"NABU" уюмунун демилгеси менен БГУнун аймагында жаш экологдордун флешмобу өткөрүлдү. Бул иш-чарага КРсынын Жогорку Кеңешинин өкүлдөрү, Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарба агенттигинин өкүлдөрү, ЖОЖдордун студенттери катышышты. Бул долбоордун алкагында студенттер атайын доклад жасашты. Ошону менен бирге фольклордук концерт тартууланды.

***

БУУӨП-ГЭФтин жардамы менен «Сур эчкинин каргышы» спектакли сахнага коюлду. Бул спектаклдин негизги идеясы - адамдардын жан-жаныбарлар менен гармониялуу түрдөгү жашоосун жана ошол эле учурда ушул гармонияны бузган талаш маселелерди чагылдыруу. Бул спектакль аркылуу адамдар бүгүнкү күндөгү жаратылыштагы жан-жаныбарлардын көйгөйлөрүн, аларды сактоо жана коргоо адамдарга керектиги жеткирилмекчи. Жан-жаныбарлардын баарын, анын ичинде жоголуп бара жаткан ак илбирс жана башка жаныбарлардын жашоосун чагылдырган бул чыгарма адамдарга жаратылыш менен эриш-аркак жашоо керектигин чагылдырып берди. Бул спектакль КРсынын Эл артисткасы Ж.Сейдакматова тарабынан даярдалды.

***

БУУӨПтүн кызматкерлери тарабынан Токтогул жана Тогуз-Торо райондорунда жергиликтүү тургундар менен жолугушуулар өткөрүлдү. Бул жолугушууларда адамдарга жаратылыштагы жан-жаныбарлардын жашоо тиричилигин, аларды кандай кылып сактоо керектигин чагылдырган жана сейрек кездешүүчү ак илбирс тууралу видеороликтер көрсөтүлдү. Ошону менен бирге балдар тарабынан даярдалган жаратылыштагы жан-жаныбарлардын жашоосун чагылдырган театрлаштырылган постановкалар коюлду. Мындан сырткары ак илбирсти коргоо жана айлана-чөйрөгө этият мамиле кылуу жөнүндөгү лекциялар окулду.


***

БУУӨП-ГЭФ долбоорунун алкагында «Ак Илбирсти чогуу сактайбыз!» деген аталышта борбор шаарыбыз Бишкекте хоккей боюнча Кыргызстандын чемпионаты болуп өттү. Чемпионатты уюштуруучулардын айтымында өткөрүлгөн турнир жаш муундарды спорттук иш чара аркылуу жаратылышка аяр мамиле жасоого чакырууга негиз болот. Хоккей – Кыргызстандагы жаңыдан өнүгүп келе жаткан спорттун түрү. Спорттун бул түрү жаш балдар арасында аябай кызыгуу жараткан оюн болуп саналат. Федерациянын кызматкерлеринин айтуусунда жакынкы жылдары аялдар хоккейин да өнүктүрүү иштери каралып жатат. БУУӨП–ГЭФтин «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо» долбоорунун алкагында өткөрүлгөн бул иш-чара жаш муундарды жан-жаныбарларды жана жаратылышты коргой жана сактай билүүгө үндөгөн эң мыкты демилге болду деген ишеничтебиз.






# ТАЗАЛЫК – ТАБИЯТ КҮЗГҮСҮ



## "ЖАШЫЛ БОЗ ҮЙ" ЖАЛПЫГА ЖАКТЫ

ДКОнун жүрүшүндө БУУӨП-ГЭФ тарабынан уюштурулган дагы бир мыкты кароо-сынак ишке ашты. Бул кароо-сынак «Жашыл боз үй» деп аталып, Кырчын жайлоосунда республиканын ар кайсы аймактарынан келген боз үйлөрдүн арасында атайын сынак өткөрүлдү. Бул сынакка 10 критерий менен 200 боз үйдүн ичинен боз үйлөр тандалып алынып, ал боз үйлөрдүн тазалыгы, курулушу, ичиндеги жасалгаларынын табигыйлуулугу дыкаттык менен каралып чыкты. Бул сынактын максаты кыргыз боз үйүнүн тышкы жана ички жасалгалары табигый нерселер аркылуу жасалуу менен жаратылышка жана жан-жаныбарларга терс таасирин тийгизбөөсүн жалпыга көрсөтүү. Ошону менен бирге боз үйлөрдөгү колдонулган буюмдардын табигый болушу, боз үйдүн айланасындагы тазалык, суу жана башка ресурстарды этияттык менен пайдалануу, адамдардын жалпы эрежелерди так жана туура пайдаланышы да мына ушул сынактын шартында каралды. Бул сынак учурунда бир гана мыкты боз үйлөр эле тандалбай, ошол аймактардагы кээ бир эрежелерди бузган адамдарды да аныктап алууга өбөлгө түзүлдү. БУУӨП-ГЭФ тарабынан өткөрүлгөн бул сынак оюндун катышуучуларын жаратылышты көздүн карегиндей сактоо керектигин ачыктап бере алды.





## ТАЗАЛЫК ҮЧҮН ТААСИРДҮҮ ИШ ЧАРА

ДКО өтүп жаткан учурда Кырчын жайлоосунда БУУӨП тарабынан пластикалык бөтөлкөлөрдү чогултуу үчүн атайын сеткалар орнотулду. Чогултулган бөтөлкөлөр иреттелип, андан кийин пресстелип кайра иштеп чыгуучу ишканаларга жиберилери айтылды. Ар бир сеткадагы пластикалык бөтөлкөлөрдүн массасы орточо эсеп менен 8 килограммды түздү. Бул демилгенин максаты - адамдардын айлана-чөйрөгө болгон мамилесин жакшыртуу, тазалыкка үндөө жана жаратылышка этияттык менен мамиле кылуу. БУУӨП тарабынан уюштурулган бул акция жалпы кызыгууну туудуруп, колдоого алынды. Мындай иш чараларды бир гана ДКОдо эмес, башка аймактарда да уюштуруу иштери БУУӨП-ГЭФ тарабынан пландаштырылууда.

*"АЙЫЛ ДЕМИ" ПРЕСС*

*Кан-Ачуунун сырдуу үңкүрүнүн аталышын билесиңби?..*
*Анда эмесе жомок-уламыш менен баяндайлы..*

# "ЛӨЛҮ ӨЛЧҮ" ҮҢКҮРҮНҮН БАЯНЫ...

Бала кезде Атам мергенчилеп кетип кечиккенде, апам түн күзөтө бизге жомок айтып берер эле, жарыктыгым...

Апамдын жомоктору өтө көп болгонбу, айтор ар дайым мазмуну жаңы болор эле...

"Лөлү өлчү" үңкүр жөнүндөгү жомогу бир чети эл тагдырына байланышкандыктанбы же Лөлү тайкемдин атына окшоштугунанбы, эсимде бек сакталып калыптыр. Эмесе, жомок башынан болсун:

... Илгери-илгери Эки эгиз бала болот, улуусу Ынсап, кичүүсү Жакып. Жакып ошондо эле айлакер экен, төрөлөрдө Ынсаптын согончогунан бек кармап, удаа түшөт анасы кемпирдин этегине. Анын кылыгын угуп атасы күлүп, тунуна токтоо, топуктуу болсун деп Ынсап деген, кичүүсү айлакер, куу болот тура деп Жакып деген ат койот. Жакып ар дайым Ынсапты аңдып-күтүп, ага атаандашканын койбойт... Ынсап аңчылыкты жактырып, талаалап жүрүп эр жетет. Жакып мал короону айланчыктап, убактысынын көбүн үйдө, энесинин кашында өткөрүп чоңоёт.

...Жакып энеси комдоп койгон жел жетпес Желмаянды минип тайкелерин көздөй качат...

Кырк күн-кырк түн жол жүрүп, тамак-ашы түгөнүп, ээн чөлдө азап тарткан Жакып, таш жазданып уктап кетип түш көрөт, түшүндө жакшы иш көрөт.

Түшүндө бир периште менен аябай күрөшүп, мага батаңды бермейинче коё бербейм, деп кошөрөт. Периште болсо анын тырышып бата сураганына ыраазы болуп: "Болуптур, сенин тырмышып батага умтулганың жакты, ошондуктан сага батамды берейин, бир шарт менен, сенин атың мындан ары Жакып эмес Жакшылык болсун"- дейт да, канатына отургузуп алып, белгисиз тарапка учуп жөнөйт...

Ойгонсо, таш жазданып чөлдө эмес, алыстан шаңкайган ак мөңгүлүү тоо курчаган, андан бери көк асман менен көрк талаша мелтиреп көйкөлгөн көлү бар, бир тарабы миң түрдүү жаныбар бир жайылган токой-чер, бир тарабы адам буту баспаган, бетегелүү төрү бар... ажайып жерде жатыптыр... Капчыгайдан күүлдөгөн үндү угуп, утурлай басса, аска бетинен тике бой таштаган айрандай аппак шаркыратма экен... Анын шапатасынан бой сергип, жаратылыштын көркөм сүрөтүнөн ой сергип... мезгилдин канча өткөнүн да элес албай жүрө берди... Бирок... адам баласы жалгыз болгону жакшы эмес экен, Жакшылык жалгызсырай баштайт. Жан-жаныбар канча көп болсо да, аны менен сүйлөшөөр, эрмектешеер жан табылбады... Анан өзүнө эрмек таппы, бала кезинен тартып жер бетинен көргөндөрдүн элестерин таш бетине чеге берди... бир өрөөндү жаңырта таңдан кечке таш менен ташты ургулап... чыка-чык... чака-чук... дедиртип, чеге берет. Бара-бара түспөлдүү таштар көбөйүп... Жакшылыктын жадындагы элестер азайып... эрмеги түгөнүп баратты... Анан ал кыялындагы ой-чабытын түспөлдөштүргөнгө киришет... чака-чук... чака-чук... ...Күндөрдүн биринде баягы периште ааламды айланып учуп баратып Жакшылыкты эстейт да, кайрылып абалын көрмөк болот. Чарчаган Жакшылык катуу уйкунун кучагында жатып, периште менен



сүйлөшөт: -Сен өрөөндү укмуштай саймалаптырсың, Жакшылык, саймалуу таштарың батпай кетиптир... сен эми өзүң менен өзүң көбөйүп, өзүңдөй чебер, өнөрлүү уул-кыздарды өстүр,- дейт да колуна бир асыл ташты карматып, бул "лаал"-сенин колуктуң!- деп коюп, көздөн кайым болот. Жакшылык ойгонуп кетсе алаканында чыны менен түшүндө периште карматкан таш бар экен. Ордунан туруп, ойго бата шаркыратманы көздөй басат... бир маалда шаркыратманын шарынан өзгөчөлөнүп, шыңкылдаган күлкүлөрдү угуп караса, шаркыратмада бир топ канаттуу периште кыздар оюн куруп жатышыптыр...

Жакшылык периштенин колуктуң болот дегенин эстеп, алаканын ачса асыл таш дале колунда экен, ошондо ал турган жеринде тизе бүгүп, Жараткаңга жалынат экен: "Оо Жараткан, мени жараткан болсоң, түшүмдө бергениңди өңүмдө көргөз, тиги пери кыздардын арасында болсо, белги бер, үй күтүп, тукум улайын"... Аңгыча, сайдагы пери кыздар бир нерседен үрккөндөй дүр-р!- деп жапырт учушуптур, бирок шаркыратманын астында канаты жок бир кыз калып калыптыр... Канатсыз калган кызды "Лаали" деп атап, өзү баш паана кылган үңкүргө алып келип колукту кылып алып, андан периште айткандай бир нече өнөрлүү уул-кыздарды көрүптүр. Узак жашап, өмүргө тоюп, көз жумганда балдары атасына аска боорунан атайын үңкүр оюп, ошого коюшкан экен...

Арадан канча мезгил өткөнүн ким билет, бир күнү Жакшылык менен Лаалинин тукумунан бөлөк адам буту баспаган бул ууздай тумсак өрөөнгө каракчылар пайда болушат... Каракчынын иши карактоо да, Жакшылыктын уул балдарын кырып, кыздарын күңдүккө алып... айтор тымтыракайын чыгарып кетишет... Лаали балдарын каракчылар кырып киргенде эмчектеги кенжесин алып, Жакшылыктын сөөгү жаткан үңкүргө кире качып аман калышат... Эптеп үңкүрдө өлбөстүн күнүн көрүп жүрүп Лаали ооруп калат, ачкадан алсыраган энесинин көкүрөгүн тырмалап ыйлаган баланын ыңаалаганы ай-асманды бузуп жаңырыктап, жоон топ жан-жөкөрү менен аң уулап көңүл ачып жүргөн Сулайман падышанын уулу Жоробай канзаадага угулат.

Канзаада наристенин үнү чыккан тарапка ат тизгинин буруп, тулпарына камчы салат. Тулпарга канат бүткөндөй туягы жерге тийип-тийбей катмар-катмар тоолорду тоготпой басып, чайкайнам убакта бир ашууга жетип такалат. Мындай ак-кар, көк музду көрбөгөн Канзаада менен Көк тулпар саамга тайсалдай түшүшөт. Баланын каткаксып ыңаалаганы Канзааданын шаштысын алып, тулпардан түшүп, белди жөө ашмак болот. Наристенин үнүн баягы периште да угуп учуп келаткан экен, бел байлап бел ашканы жаткан Канзаданы канатына капшырып, көз-ачып жумгуча үңкүрдүн төбөсүн жара тээп шукшурула кирип конуп, Канзаданы түшүрөт. Буларды көргөн Лаали баласынан санаасы тынып, атын так айталбай "л-лал, лөлл" деп булдуруктай жан берет.

Канзада Лаалинин сөөгүн күйөөсүнүн жанына коюп, баланы койнуна катып периштенин жардамы менен тулпар калган жерге жеткенде жан-жөкөрлөрү жарым жолго араң жетишкен экен... Канзада Үңкүрдү Лаалинин урматына "Лөлү өлчү" деп атаса, жөкөрлөрү ашуусу бийик белди Канзааданын урматына "Кан-Ашуу" деп атап кетишиптир... Канзада наристенин бийик, тунук үнүн угуп, Лөлүнүн уулуна Леби деген ат коюп, өз элине жеткенде ибадаткананын кызматчысына тапшырат, эр жетсе аргендей үнү менен биздин Кудайды даңктайт!-деп... Канзааданын тилеги орундап ошол Лебиден өнөрпоз чоң уруу тарантыр, анын урук-тукуму аса таяк таянып ак уруп, жер кезип, Кудай туралу билим таратып, динге үгүттөп, кайыр-садага менен жан баккан ыйык "календер менен дербиштер"... аларга жолуксаңар алдынан кыя өтпөй, салам айтып, садага берип жүргүлө дайым,- деп жомогун бүтүргөн апам анан өзүнчө күбүрөп-шыбырана берет...

***Уламышты улап жазган***
***Бекеева Токон***
***Бишкек шаары***

---

# АЛАТАЙ ЖАЙЛООСУНУН ТАРЫХЫ

Бир кездерде Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Узун-Акмат суусунун жээгинде байыр алып туруктуу эл жашаган. Анткени бул аймак мал багууга ыңгайлуу, жайкысын жайлоосу салкын, кышкысын кыштоосу жеңил болуп, мал чарбасы менен күн кечирүүгө ыңгайлуу келген экен. Караган шактуу бадал токойлорунда түркүн жемиштер болсо, чытырман токойлорунда жапайы жаныбарлар көп кездешкен. Бир жылы бул өрөөндө кыш мезгилинде кар катуу түшүп, суук узак болуп, жаз мезгили кечигип, мал толук бойдон кол карап, чөп азыктары түгөнүп, эл азапка түшөт. Мындайда журт биригип, күнөстүү жерлердин карын күрөп, токойлордогу бак-шактуу чырпыктардын бутактарын жыйнап, колундагы кара малын сактап калуу айласын издешет. Көп кыйынчылык менен колундагы төрт түлүгүн сактап калууга аракет кылышса дагы, эл бир топ малынан ажырап, кара жуттун азабын тартышат...

"Өлбөгөн кулга жаз келет" деген сыңары күн жылып жаз келип, мал жайытка чыгып, тоюнуп, элдин үмүтү жанып, шаңдуу жашоо өз жолун улантат. Бул учурда бийик тоо койнундагы чытырман токой арасынан жалгыз жүргөн өңү "ала", ал эми жашы "тай" курагында бир баш жылкы жөнүндө кабар келет. Кызык бул жалгыз жылкы кайдан келди. Айылдагы элде жаз мезгилинде жылкы жоготум деп издеген киши болбоду эле, ашууларды ашып, Аксы, Талас тоолорунан келди дейин десе, ашууларда кар бар, али ачыла элек- деп таң калышат. Ошентип баягы жалгыз жылкы жүргөн жерге келишсе, тоолордун күнгө бет жактарынын карын тээп-чөп таап жеп, майда бадалдуу шактардын жалбырактарын жеп кыш мезгилинде жалгыз жанын багып, жазга аман эсен, карышкырга жем болбой жеткенине күбө болушат. Көрсө бул "ала тай" күз мезгилинде эле жылкыдан бөлүнүп калган жалгыз баш жылкы болгон экен. Жалгыз жылкы кыштын оор мезгилинде чытырман токойдогу бадалдардын бутактарын, кар тээп жеп жан сактап аман чыккан экен. Ошол мезгилден кийин бул жайлоону "Ала тай" жүргөн жер, Ала тай кыштаган жер-деп элге сөз таркап, бул жайлоонун аты күн өткөн сайын "Ала тай" жайлоосу деп аталып калганы жөнүндө бизге аталарыбыз көп айтып беришчи эле. Ошол кезден бүгүнкү күнгө чейин бул аймакта тынчтыкта жана эмгекти сүйгөн эл жашайт.



Алатай жайлоосунда арча, карагай, четин, табылгы, шилби, кожогат, бүлдүркөн жана башка көптөгөн өсүмдүктөр өсөт. Чытырман токой көп болгондуктан мал багууга ыңгайлуу, жапайы жаныбар көп байыр алган, табияты кооз жайлоо болуп саналат. Бул токойлордун арасында жапайы жаныбарлардын сейрек кездешчү түрлөрү азыр да бар- деп баян жасады Даңканай атындагы орто мектебинин тарых сабагынын мугалими Өзүбеков Эркин. "Климаттык кутуча" окуу куралы боюнча мектепте өткөн "Жаратылыш ресурстарынын жаш коргоочулары" аттуу экологиялык конкурста.

Учурда бул өрөөндө кайсы бир себептерден улам жапайы жаныбарлардын саны азайып бара жаткандай. Биз жаш кезде ошол Алатайдын токойлорунан арасынан марал, эликтер секирип чыга калчу эле. Азыр бул жаныбарларды көргөн киши жок. Кээде гана Сары-Челек коругунан оош келгенин көргөндөр айтып калышат. Бирок алар да көпкө байыр албай жок болуп калууда. Чөп бышкан маалда адырларда жапайы күрөң коёндор көп жүрчү эле. Аларды да көрбөй калуудабыз. Илгери биздин аталар биздин коңшу Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Барчын жергесинин адырларында кадимки "Тоодак" канаттуусун көрүп калчыбыз деп айтып беришчи эле. Азыр бул адырларды чөп кыска, тоодак жүрүүгө ыңгайсыз болуп калды. Адырлардын баарын шыбак басып кетти. Тоодак бир гана кылкылдаган чийдин арасында жашаганга ыңгайлашкан жаныбарда. Эми бул куштү азыр телевизордон, зоопарктардан эле көрүп калдык. Мындан 4-5 жыл мурун, кечээ жакында эле ушул эле тоолордо кадимки "күрөң кабылан" кашкулакка салынган капканга түшүп калганын эл арасында айтып жүрүшчү эле. Ошол Советтер Союз учурунда жайлоодогу чабандардын короосундагы коюна, "ак карлуу тоолордун падышасы" болгон ак илбирс таңга жуук келип чап салып, жара тартып кеткенин айтып жүрүшчү эле. Азыр мындай окуяларды уга да элекбиз. Эми болсо ары жагы Таластан, Чаткалдын, Аксынын тоолорунан оош келген жана жергиликтүү кайберендин тукуму тоо эчкилери, тоо текелер жүргөнүн угуп жатабыз. Алатай жайлоосундагы балчылардын жашиктерин талкалаган жырткыч тукуму "Аюулардын" жүргөнүн угуп жатабыз. Акыркы учурда бул жаныбар гана адамга көп кездешчү болду. Эми элибиздеги тентек балдар ушул тоо кийиктерин, аюуларды жана улар, суурларды атууну токтотсо жакшы болот эле. Эмнеге дегенде бул жапайы жаныбарлардын саны да жоголуп калса жайлообуздун кунары качып, коозудугунан ажырап калат го. Бүгүн биз "Тоодак","Кабылан" бугу маралдарды, аркар сындуу жапайы жаныбарлары илгери биздин өрөөндө бар эле деп айткандай, биздин балдарыбыз дагы чоң атам айтчы эле деп-айтып калса, келечек урпактар алдында чоң уятка калуу алдында турабыз. Ошондуктан урматтуу бүгүн жаратылыш сынагынын катышуучулары жаратылыштын кол жеткис байлыктарын сакталуугa ар бирибиз салып кошуп, жапайы жаныбарларга капкан салууну, атып алууну чогуу бирге токтотолу деп айтмакчымын.

Мына акыркы 2 жылдан бери биздин Алатай жайлоосун корукка алуу боюнча Өкмөттүн программасы чыгыптыр. Азыр бул коруктун аймагында корукчу-егерлер көзөмөл кылып жатышат. Биз да бул демилгени колдоп, буларга жардам беришибиз керек. Анткени бул биздин аймактагы жапайы жаныбарларды, өсүмдүктөрдү сактап калуу иш чарасы болуп жатат. Келгиле айыл жаштары, аталар, апалар баарбыбыз жаратылышты сактоого катышалы.

***Сардар Момуналиев***

# НУСКАМАЛАР ИШТИ ЖӨНГӨ САЛАТ

**Айлана чөйрөгө суктанып карайбыз, жаратылышыбыздын кандай өзгөрүшкө туш болгонун, анын себеби эмнеде экенине да маани бербейбиз. Кокустан аралап басып калсак, токойлордун суюлганына кейип коёбуз. Аны калыбына келтирүүгө, деги эле токойлордун өз калыбында же мындан да жакшы деңгээлде болушуна кандай аракет көрүлгөнүн биле бербейбиз. Көрсө жаратылыштын жабыркаганына жаны кейип, алардын өзгөчөлүгүн аңдап билип, абалына көз салуучу мезгил келиптир. Болбосо, келечек урпактарга такыраган жер менен боз топуракты калтырганы калыппыз. Биздин токойчуларды мындай көрүнүштөр кайдыгер калтырбастан, жакындан жардам берип, токой жайгаштыруудагы болгон көйгөйлөрдү жөнгө салууга болгон мүмкүнчүлүктөрүн караштырган экен. Ушул жерден БУУӨП-ГЭФтин мыкты долбоору кол сунуп жардамга келген. Бул тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин «Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу» мамлекеттик мекемесинин Токой чарбачылык иш чараларын пландаштыруу бөлүмүнүн башчысы Чодоев Нургазы жаңылыктарды айтып берди.**



БУУӨП – ГЭФтин "Батыш Тянь – Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо" долбоорунун негизинде, "Кан – Ачуу" жана "Алатай" мамлекеттик жаратылыш парктарында токой жайгаштыруу иштерин жүргүзүү жана илимий- изилдөө иштерди аткарууда көмөк көрсөтүлдү. Бизде бул мезгилге чейин Кыргызстандагы мамлекеттик токой фондусунун жерлеринде жана бул фондго кирбеген токойлордо, өзгөчө жаратылыш коруктарынын токойлорунда токой жайгаштыруу жумуштары жөнүндө атайын бекитилген тартиптер, нускамалар бар эле. Бирок ушул жаратылыш коруктарында токой жайгаштыруу иштери боюнча түздөн-түз өзүнчө атайын нускамалары жок болчу. Биздин агенттикте нускамалардын жоктугу көйгөйлүү маселе болчу, каражат жагынан да тартыш болуп турган. БУУӨП – ГЭФтин долбоору ушул нускамаларды иштеп чыгып, түзүүгө көмөгүн көрсөттү. Жаратылыш парктары үчүн нускаманы түзүүдө атайын БУУӨП – ГЭФтин долбоорунун алкагында былтыркы жылдын февраль айында сунуштар түшүп, атайын жумушчу топ түзүлгөн.Биздин агенттиктин алдындагы кызматкерлер Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлери менен бирдикте атайын жумушчу топ түзүлүп, жумушчу топтун башчысы өзүм болдум. Өзгөчө коруктуу жаратылыш аймактарында токой жайгаштыруу иштерине эмне жумуштарды аткарабыз? – дегенде биринчи кезекте ушул Тогуз –Торо районунун аймагындагы "Кан – Ачуу" жана Токтогул районунун аймагындагы "Алатай" мамлекеттик жаратылыш парктарында кантип иш алып барыш керек? - деген суроо болду. Ишти алгач маалыматтарды топтоодон баштообуз керек деген маселе көтөрүлүп, ошол топтолгон маалыматтардын негизинде атайын нускамаларды иштеп чыгуу каралды. Март, апрель айларында биргелешип көптөгөн жумуштарды аткардык. Атайын топтолгон маалыматтардын негизинде жумушту кандай кезекте аткаруу боюнча нускаманы жумушчу топ май айында даярдап чыктык. Токой жайгаштыруу иштерин жүргүзүү үчүн түзүлгөн атайын нускаманын негизинде Токтогул районундагы "Алатай" мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагына барып, жеринен ишке ашыруу үчүн ал жерде бир жума иштеп калдык. Бул иш-чарага БУУӨП-ГЭФ көмөктөшүп, кошумча-алымча жасап, бул нускаманы июнь айында атайын токтом менен бекитип алдык. Мындайча айтканда, ушул иштерди аткарууда БУУӨП- ГЭФтин долбоору бизге абдан чоң жардам берди. Экинчи баскычы, жаңы түптөлгөн "Алатай", "Кан-Ачуу" жаратылыш парктарында кантип, кайсы ыкмада, кандай түрдө токой жайгаштыруу иштерин жүргүзүү керектигин аныктоо болгон. Ушул көйгөйлүү маселени чечүүдө бизге көмөк көрсөтүшүп, эки экспедициялык топ түзүлүп, андан сырткары ошол топтун курамына илимий кызматкерлерди тартуу жана ошолор менен биргеликте иштешүү боюнча Улуттук академиянын биология институтунун кызматкерлери менен бирдикте иш алып барып баштадык. Июнь айынан ноябрь айынын 5ине чейин токой жайгаштыруу боюнча иштерди аткардык. Бул жумуштарда жумушчу топко көрсөтмө берүүдөн баштап, кеңеш берүү иштеринен бери БУУӨП – ГЭФ бирге иштеп, жардамдарын аябады. Ошол иштин алкагында эмне иштерди жүргүздүк деп тактап кетсек, "Кан –Ачуу" жана "Алатай" мамлекеттик жаратылыш парктарынын аймагынын сырткы чек арасын тактап бердик, токойлордун түрлөрүн, сандык, сапаттык мүнөздөмөсүн аныктап чыктык, чөп-чарлар боюнча, жеринин түрлөрү боюнча аныктадык, Кызыл китепке кирген жан - жаныбарлар боюнча илимий кызматкерлер менен бирдикте жеринен тактап иштеп чыктык. Бүгүнкү күндө болсо, ошол чогултуп келген материалдардын үстүнөн иштеп атабыз. Топтолгон маалыматтардын негизинде маалымат кампасы болуш керек. Компьютердик программаларын иштеп чыгууга, маалыматтын баарын кампага киргизүүгө жардам берип жатышат. Октябрь айында даяр болгон программаларды апробация жасап жатабыз. Маалымат кампасын топтоонун жана ошондой эле компьютерге киргизүү боюнча айрым бир тартиптердин эрежесин иштеп чыгарып бердим. Ошонун негизинде буйруса, программабыз 100% ишке ашат. Аталган маалыматтык кампанын негизинде, бизде, Кыргызстанда "Түндүк", "Кереге" деген долбоорлор бар, ошол жактарга да электрондук варианттагы маалыматтарды алмашуу боюнча түздөн – түз алып кетсе да болот. Өзгөчө жаратылыш коруктарында туруктуу башкаруу боюнча да көрсөтүлгөн нускаманын негизинде айрым иштер жүрүп жатат.

БУУӨП-ГЭФ менен иштөөнүн айырмачылыгы, илимий багытта иш алып барууда илимий кызматкерлерди тартууда чоң көмөк көрсөтө алды, ошондой эле ошол коруктарда сырткы чек араларды тактоодо, белгилерди коюудагы жардамын айтып кетпесек болбостур. Мурда коруктардын чек аралары жөн гана белгиленип келген болсо, аталган долбоордун алкагында чек аралык белгилерди орнотууга атайын темир белгилер орнотулду, аларды жеткизип беришти. Ушул долбоордун жардамы менен биз жаратылыш парктарында, деги эле токой жайгаштыруу иштеринде маалымат топтоонун түрүн көбөйтө алдык. Мурда өзүбүздүн нускамада маалыматты топтоонун 24 түрүн тактасак, азыр анын түрүн 48 ге жеткиздик. Андан сырткары, ошол маалымат кампаларын топтоо үчүн жаңы компьютерлик программасын иштеп чыгууга көмөктөштү.

Сырткы чек араларды тактап, тартууда токой жайгаштыруу агенттиктин кызматкерлери, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, мамлекеттик регистрдин адистери жана жаратылыш парктардын адистери катышты.Азыркы убакта жогоруда аталган эки мамлекеттик жаратылыш парктарында такталып турат. Топтолгон маалыматтардын электрондук варианттарын иштеп жатабыз. Кызыккан тараптарга берүүдө даяр болсун деген негизде. Картографиялык материалдарды даярдап беребиз. Камералдык иштер деп аталат, экологиялык экспертизадан өтүш керек. Эгер ошолордун талаптарына жооп берип,аткарылган иштерибиз өтүп калса, агенттик атайын бекитип берет. Буйруса, жаз айларына картографиялык материалдарды беребиз. Негизи, биз токой жайгаштыруу иштерин жүргүзүүдө чарбаны кандай уюштуруу жана келечекте иштерди кандай алып баруу, эмне иштерди аткарсак жаратылышка кандай жакшы жылыштарды алып келе алабыз? –деген маселелер менен алектенебиз. Ошонун үстүндө долбоорду даярдап беребиз. Токойду коргоо, жерди коргоо боюнча ар бир егерге, аң сакчыларына, корукчуларга өздөрүнүн аймактарын тактап,талаа шартында бөлүп бердик.Эми ошону биз бул жактан камералдык иштеринен чыгарып, картографиялык материалдары менен ошол участкалардын сандык жана сапаттык мүнөздөмөсүнөн бери: жерине, токоюна, чөп-чарына, жан-жаныбарларына чейин такталган маалыматты беребиз. Ал эми ал жерде иштеген кызматкерлер андан ары ошол иштерди жакшыртууга аракет көрүшөт.

***Негизинен, токой жайгаштыруу иштери 3 бөлүктөн турат: даярдоо, талаа, камералдык иштер деп. Негизи, БУУӨПтүн берген жардамы абдан чоң болду. Айтып кетчү нерсе, "Кан –Ачуу" боюнча бул убакка чейин бир да илимий иштер дээрлик жок болчу. Азыркы күндө азбы-көппү, эки жолку илимий экспедициянын иштеринин негизинде көптөгөн илимий иштер аткарылды. Бизде маалыматтар бар. Үч жылдан бери уюштуруу иштери гана жүргүзүлүп келген болсо,азыркы күндө такталган илимий маалыматтарга жетиштик. Мындан ары ошол илимий иштерди жеринен ары карай алып кетүүгө мүмкүнчүлүк бар. Дагы бир ирет биздин мындай салмактуу иштерди жүргүзүшүбүздө БУУӨП-ГЭФтин салымын белгилеп, аларга чоң ыраазычылык билдиргим келет.***

*Н. КУРМАНКУЛОВА*

# ЖАРАТЫЛЫШТЫ ТААРЫНТКАН ЖОКПУЗ

**Албетте, Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндары биздин республикабызга чоң аброй алып келгени талашсыз. А бирок, ушул жерден кыргыз жаратылышынын кооздугун ошол бойдон сактап калуу үчүн кам көрүү жагы жетишсиз болуп калганын баарыбыз моюнга алышыбыз керек. Алсак, ар бир облустан канчалаган боз үйлөрдү алып келип Кырчын жайлоосунун шиберине тигишти, ал жерлердин жайкалган жашыл чөбү саргарып, такырайып калды… жайлоого барчу жолдор салынды, оюндар өтүп жатканда миңдеген адамдар, аттар жана унаалар жайлоо чөбүн тепбелеп-тепсешти, канчалаган бөтөлкө, желим баштыктар, калдыктар ыргытылды. Жыйынтыгында, канчалык тазаласак да, баары бир жапан жаратылыштын гармониясы бузулду! Мындай чоң иш чараны уюштуруу программасына экологияны сактоо тууралу концепцияны да киргизүү керек эле. БУУӨП-ГЭФтин долбоорунда дал ушул маселе көтөрүлүп, экологияны сактоо боюнча жаңы концепциялар иштелип чыгып, сунушталууда. Адам баласынын өткөн жашоо-турмушу, учуру жана келечеги, салт-санаасы, үрп-адаты, ичкен тамак-ашы, оюндарына чейин жашыл жаратылыш менен шайкеш келип турганда гана ал түбөлүктүү экенин эстен чыгарбасак. Мына ушулар тууралу Маданият министрлигинин алдындагы көчмөндөр оюндарын өткөрүү катчылыгынын өкүлү Нурсултан Аденовду маекке тарттык.**

**-Атайын сынамык түрдө БУУӨП тарабынан кандай иш чара өткөрүлдү?**

- ДКОнун жүрүшүндө экологиялык жактан талаптарга жооп бере турган боз үйлөр тандалып алынган. Мындай иш чаранын критерийлери атайын иш чараларды жаратылышта өткөрүүгө жардам катары кеңири таралган жана сынамык түрдө КРнын Туризм Департаменти, Маданият министрлигинин алдындагы ДКОну өткөрүү катчылыгы, БУУӨП-ГЭФ жана BIOFIN тарабынан атайын иштелип чыккан. 200дөн ашуун боз үйдүн арасынан 10 критерийге төп келген, башкача айтканда 10 номинация боюнча 10 боз үй мыкты деп табылды.

Биринчи критерий – биомаданий ар түрдүүлүк: алсак, боз үйдүн ичи табигый нерселер менен кооздолгон. Мисалы: ар кандай терилер, мүйүздөр жана башка Кызыл китепке кирүүчү нерселер колдонулган жок. Экинчи критерий – пластиктерди аз колдонуу: оюндар өткөрүлүп жаткан жерлерде пластикалык бөтөлкөлөрдү аз



колдонуу жана аларды атайын таштанды салынуучу челекке салып топтоо иштери уюштурулду. Ошону менен бирге атайын мониторинг жүргүзүлдү. Үчүнчү критерий – таза аймактар: оюндар жүргүзүлүп жаткан учурда аймактарды тазалыкта кармоо менен оюн бүткөндөн кийин аймакты тазалап кетүү иштери колго алынды. Төртүнчү критерий – колдонулуучу ресурстарга этият мамиле кылуу: энергоресурстарды жана сууну колдонууда этияттык менен мамиле кылууга көңүл бурулду. Бешинчи критерий – жоопкерчиликтүү жана ак ниеттүүлүк менен мамиле кылуу: боз үйлөрдөгү адамдар бардык эрежелерди жана сунуштарды жоопкерчилик менен аткарышты.

Мына ушундай критерийлер бизге боз үйлөргө баа берүү менен бирге жоопкерчиликсиз мамиле кылгандарды табууга жардам берди. Бул критерийлерди колдонуу менен биз катышуучуларды жаратылышка этияттык менен мамиле кылууга жана жоопкерчиликтүү болууга чакыра алдык.

**-Таштандыларды салуучу торлорду коюуда кимдер демилгечи болду жана кайсы ишкананын жардамы менен коюлду?**

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги тарабынан таштандыларды салуучу 270 торчо мамлекеттик каражатка алынган. Алар III ДКО бүткөндөн кийин жергиликтүү айыл өкмөттөргө өткөрүлүп берилди.

**-Сизге ыракмат!**

*Ж.ИБРАИМОВА*

# ТОКОЙДУ САКТОО – ТООДОЙ ИШ

Кандай долбоор болсо да, аны жергиликтүү элдин катмарына жеткирип, долбоордун ийгиликтүү иштешине кам көргөндөр да жергиликтүү тургундар жамааты болуп келет. Жаратылыш парктарын коргоо багытында үзүрлүү эмгектенип жүргөн бүгүнкү күндүн каармандары – егерлер, жалпак тил менен айтканда корукчуларыбыз учурда алдыларына зор максаттарды: токой ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, жаратылышка аяр мамиле жасоо ж.б. коюп, мыйзамсыз аңчылыкка каршы иштиктүү аракеттерди көрүп келет. Токойчулардын да оюн бөлүшүп коюуга мезгил жетти.

## Токойчулар – бүгүнкү күндүн каармандары



**Мен, Айтиев Мирбек, Тогуз-Торо районундагы "Кан-Ачуу "Мамлекеттик жаратылыш паркынын токойчусу болуп эмгектенем.** Менин милдетим егерлер менен тыгыз иштеп, браконьерлерге каршы күрөш жүргүзүү, аларга өз убагында түшүндүрүү иштерин өткөрүп туруу. Келечек муунга тарыхта кала турган иш алып баруу, жаратылышты коргоо, сактоо, жаныбарлар дүйнөсүн көздүн карегиндей сактоо. Үзгүлтүксүз түшүндүрүү иштеринин натыйжасында эки жылдан бери мыйзамсыз аңчылык азайып калды деп айта алам. Эчки, текелердин да саны көбөйдү. Аюу дагы бар. БУУӨП-ГЭФ тарабынан бизге жакшы мааниде тренинг, семинарлар өткөрүлүп турат. Келечекте туристтик маршруттарды уюштуруп турабыз деген ниетибиз бар. Аттарыбызды көбөйтүп алсак, көптөгөн жакшы максаттарыбыз бар.

## Токойлорду жаңылап көбөйтүү – заман талабы



Ак-Суу токой чарбасы, токойчунун жардамчысы Руслан Абдылдаев, өз кезегинде бизге маек куруп берди.

- 2003-жылы мамлекеттик агенттиктен бөлүнүп чыкканбыз. Ал учурда 4 гектар жер бөлүп, көбүнчө теректер өстүрүлчү. Акырындап олтуруп ийне, жазы жалбырактуулар, күнөсканаларга өттүк. Көчөтканa боюнча 58 түр көчөт өстүрүп жатабыз. Чыгашабыз жылына 1 млн. сомдун тегерегинде болот. Республика боюнча токой чарбаларга 90 млн. сом бөлүнгөн, аларды ар бир чарбага бөлүп келгенде бизге 3 млн. сом тийген. 2007-жылдан бери бизде ОсОО "Алмалуу " иштеп келет. Бардык ишти карагай башчы көзөмөлдөп турат. Бир карагай башчыга 3200 га жер туура келет. Ал кишинин айлыгы болгону 6000 сом. Стажына, билимине жараша 15 миң сомдон 50 миң сомго чейин көтөрүлсө деп кубанып жатабыз. Бул жерде өстүрүлгөн 20 көчөттүн түрү гана сатыкка коюлуп, калганы тажрыйба үчүн өстүрүлөт. Көк карагайдын 2 түрү, Тянь-Шань карагайы бар, кызыл карагайдын эки түрү, Новосибирскиден келген кедрдин үрөнүн алып келип өстүрүп жатабыз. Арчанын 3 түрү, туянын 3 түрү, можжевельник бар. Базардын талабына жараша көчөттөрдү өстүрөбүз, болбосо чыгашабызды жаппай калат. Быйыл 3 млн сомго көчөт саттык. Чет мамлекеттин жаңы ыкмаларын пайдалануу жагын караштырып жатабыз. Заманбап ыкма менен күнөскана куруу боюнча дүйнөлүк банктын долбооруна киргенбиз. Азыркы күндө өзүбүздө күнөсканалар бар. Бирок алар убактылуу болгондуктан, кол жумушу көп болуп, убакытты кармайт. Ал кезде цитрустук өсүмдүктөрдү да өстүрөбүз деген мерчемдерибиз бар, эми ал келечектин иши. Тоого жылына 5 га жерге карагай, арча тигебиз. Быйыл 25 миң көчөттү 5 га жерге тиктик. 15 га жерге өспой калган жерлерин толуктадык, кыскасын айтканда, 65 миң көчөт тигилди. Музей, кордон, мекемебиздин имаратын ондоо иштерин жүргүздүк, күнөсканалар салынып жатат. Көчөт сатуудан жылына туруктуу 2 млн. сом пайда түшөт. Азыркы кезде чет мамлекеттерден алып келип жатышкан көчөттөрдү, тапшырык берсе биз деле өстүрүп бергенге мүмкүнчүлүгүбүз бар демекчимин. Тажрыйба, стаж бар, мүмкүнчүлүк жетет. Кыргызстанда да жакшы көчөттөрдү өстүрөбүз.

## Аялзатынын жаратылышка болгон сүйүүсү



"Алатай" Мамлекеттик жаратылыш паркынынегери Оморова Нүргүл - эмгек жамаатынын арасында тоо кыдырган жалгыз аял. Ал жаратылыш паркы түзүлгөндөн баштап мекемеде иш жүргүзөт. Егерь катары ага "Көл" участкасы бөлүнүп, көп милдеттер жүктөлгөн. "Көл" участкасында 4 бал чарбасын күтүшкөн жеке ишкерлер бар. Мындан сырткары бул аймакта табигый көлгө кызыккан эс алуучулар, туристтер көп келишет. Табигый бул көлдө коргоого алынган осман балыгы бар. Өзөн ичинде аккан агын сууда форель жана маринка балыктары кездешет. Өсүмдүктөрдөн кызыл жана көк карагай, арча жана башка баалуу өсүмдүктүн түрлөрү өсөт. Жапайы жаныбарлардан аюу, элик, тоо кийиктер бар. Нүргүл эненин кайраты аял катары үй иштери менен эле отурбастан, жаратылышты сүйүп, аны сактоого жан дили менен берилүүгө, агын сууларды ат менен кечүүгө, бададдуу токой аралап жүрүүгө жана браконьерлер менен күрөшүүгө түрткү болду. Кооз жаратылышты сактоодо мээримдүү эненин эмгегин сыйлайлы!


# ЕГЕРЛЕРДИ ЭЛ КОЛДООГО АЛУУДА



*"Алатай" МЖПынын Коомдук кеңешинин мүчөлөрү*

Байкоочу кеңештин максаты – Мамлекеттик Жаратылыш Парктары менен жергиликтүү калктын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда өнөктөштүктү, ошондой эле бардык кызыкдар болгон тараптарды Кеңешке тартуу жолу менен МЖП аймагындагы жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга, анын биологиялык көп түрдүүлүгүн сактоого жана туруктуу башкарууга жетишүү менен биргелешкен жоопкерчиликтин негизинде башка кызыкдар тараптар менен өнөктөштүктө кызматташууну камсыздоо.

Быйылкы жылы "Кан -Ачуу" жана "Алатай" Мамлекеттик Жаратылыш Парктарында егерлердин ишин жеңилдетүү жана аларга жакындан жардам берүү боюнча атайын калк тарабынан байкоочу кеңештер түзүлдү. Байкоочу кеңештин мүчөлөрү жаратылышыбызды көздүн карегиндей сактоого, табияттагы жаныбарлар менен өсүмдүктөр коргоого алууга жана жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдаланууга жакындан жардам берип, атайын түзүлгөн программанын негизинде иш алып барышууда. Мындай иш карапайым калк тарабынан колдоого алынып, мамлекеттик атайын департамент тарабынан жардамдар көрсөтүлүп келүүдө.



*"Кан –Ачуу" МЖПынын Коомдук кеңешинин мүчөлөрү*

**Кеңештин милдеттери:**

- Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын маанилүүлүгүн жана алардын укуктук режимдери жөнүндө жергиликтүү калктын жана кызыкдар болгон тараптарды кабардар болуу деңгээлин көтөрүү;
- Жаратылыш ресурстарын коргоонун, сарамжалдуу пайдалануунун жана пландоонун ар кандай баскычтарына кызыкдар болгон тараптардын өкүлдөрүнүн катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо;
- МЖП аймагындагы жаратылыш ресурстарынын абалын жакшыртууга коомдук жоопкерчиликтин деңгээлин жогорулатуу;
- МЖП аймагындагы жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана туруктуу башкарууну талкуулоо жана идеялар менен алмашуу үчүн коомдук платформаны түзүү;
- Биологиялык көп түрдүүлүктү сактоо багытында инвестицияларды тартууга көмөктөшүү, экологиялык агартууну жогорулатуу,
- МЖПлардын аймагындагы жаратылыш ресурстарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдалануу;
- Жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана аларды коргоо боюнча сунуштарды киргизүү менен МЖПларды өнүктүрүү;
- Жаратылыш ресурстарын пайдаланууда чыкчу талаш-тартыш жагдайлардын пайда болушун алдын алуу багытында иш алып баруу;
- Маданий жана табигый мурастарды, ландшафттарды, өсүмдүк менен жаныбарлар дүйнөсүнүн, суу объектилеринин, жансыз жаратылыштын объектилерин, тарыхый жана маданий эстеликтерди агартуу жана илимий максаттарында колдонуу үчүн сактоого көмөк көрсөтүү;
- Туризмди өнүктүрүүгө шарт түзүү, анын ичинде альпинизмди, экстремалдык туризмди өнүктүрүү, ошондой эле эс алуучуларга жаратылыш паркынын жаратылышы менен бирге, маданий жана тарыхый эстеликтер менен таанышуу;
- Биологиялык көп түрдүүлүктү жана жаратылыш экосистемаларынын абалына мониторинг жүргүзүүгө катышуу, аймакты калыбына келтирүү менен пайдаланууда жаратылышты коргоодо теориялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу боюнча илимий-изилдөө уюмдарынын иштерине көмөк көрсөтүү;
- Токойлорду коргоо жана сактоодо практикалык жардам көрсөтүүнү ишке ашыруу, жергиликтүү өсүмдүк түркүмүн жана жаныбарлар дүйнөсүн калыбына келтирүү, алардын биологиялык көп түрдүүлүгүн сактоо;
- Айлана-чөйрөнү жакшыртуу жана анын туруктуулугун сактоо максатында токойлуу жерлерди көбөйтүүгө көмөктөшүү;
- Жаратылыш паркын башкаруунун пландарын иштеп чыгууга катышуу, пландоону өркүндөтүү, жаныбарлар жана өсүмдүк дүйнөсүн инвентаризациялоого көмөк көрсөтүү.

*Айнура ЭЛГОНОВА*

# ЫРЫСКЫЛУУ ЫЙЫК ЖЕРЛЕР КӨП

**Кереметтүү кыргыз жерине сугун арткандар ат арытып алыстан атайылап келишет. Ошол кэле мезгилде элибиз кадырлап, кастарлаган касиеттүү саналган бир топ ыйык жерлер ого бетер сыр катып, өзүнө тартып турат. Түштүк жергесинде көргөн жанды өзүнө арбап турган шаркыратмалар... Асман менен ашташкандай бийик зоолорго катылган үңкүрлөр же дагы башка мөлтүр кашка булактар... Айтор элибиздин эңсеп барып ошол жерлерден өздөрүнө бир жакшы дем, күч-кубат алып ишенимин бекемдеп келчү ыйык жайларыбыз арбын. Баягы Союз мезгилинде көнүмүшкө айлантып ыйык деген болбойт. Баары кадимки эле жерлер аны кадырлап-кастарлоонун кереги жок деген түшүнүктү канчалык сиңирбесин элибиз ал жерлерге тайынып аны ыйык саналганын токтоткон эмес. Бул бир жагынан көркөмү кооз керемет мекенибиздин жаратылыш кооздугун сактоого болгон элдин чоң ишеним десек да болчудай. Алмустактан бери табият менен эриш-аркак жашап, жаратылыштын бир бөлүгү, биз адамдар экенибизди аяр туюнтуп турган ыйык жерлер экендигин ата-бабаларыбыз мурастап кеткен тура. Ошол ыйык жерлер аркылуу бабаларыбыз өз мекенибиздин ар бир ташын да сактап, ага аяр мамиле жасоо керектигин эскертип турган экен. Мындай ыйык саналган жайларга өзгөчө мээрим менен карап, аны сактоо аркылуу жер –энебиздин ыйыктыгын туюнуп турушубуз абзел экендигин бүгүнкү күндө жаш урпактарга жеткирүү биздин парз. Ушул жаатта изилдөө иштерин жүргүзүп маданий мурастарды тактап элге жарыялап жүргөн бирден бир чоң уюм - бул “АЙГИНЕ” маданий изилдөө борбору. Аталган борбордун изилдөөчү, адиси Айбек Самаковдун айткандары жаштарыбызга ой салып,өз мекенибиздин ар бир жерин терең сүйүүгө чакырат деген ишеничте бололук...**



“Айгине” маданий-изилдөө борбору 2005-жылдан баштап Кыргызстандын аймагында болгон бардык касиеттүү жерлерди изилдеп келет. Изилдегенде кандай, Кыргызстандын жети дубанына барып, айыл аймактардагы касиеттүү жерлердин таржымалын сураштырып, салттык билимди изилдеп, интервьюларды алып, баарын топтоп китеп кылып чыгарабыз. Ким маалымат берсе, ошол кишинин аты-жөнү жазылып, автордук укугу сакталып, чыныгы элдик билим болуп калат. Саны боюнча алсак, биздин жети дубанда миңден ашык ыйык жерлер, бар. Алардын ичинен кээ бир жерлерди “эл сыйынган мазар” деп айтышат. Мына ушундай жерлерибиз бар.

Башында кыргызчылыктын маданий бир көрүнүшү деген максатта изилдөөлөрдү баштаганбыз. “Мазар таюу”, “Мазарга сыйынуу” деген сөздөрдү угуп, “Бул нерсе кыргыздардын маданиятына кандай байланышы бар?”, “Себеби эмне экен?..” деген ойдо изилдөөлөрдү тереңдетип көрдүк. Байкап көрсөк, ошол ыйык жерлердин жаралышын билүү, изилдөө – жаратылышты коргоого жана сактоого абдан эле чоң таасирин берет экен. Мунун эки жолу бар экен. Касиеттүү жерлер өзүнөн өзү эле эл сактаган коруктар сыяктуу болот. Дүйнө жүзүн, өзүбүздүн Кыргызстанды эле алсак, корукту мамлекет түзөт, жаратылышты сактайт. “Аны кимден сактайт?..” десеңер, “Аны элден сактайт” дешет. Кыргыз элинде элди жаратылыштан бөлүү жок. Элибиз дайыма жаратылыштын ичинде жашап келген жана да жашай бермекчи.

Ыйык жерлерди кыдырып карап көрсөк, адам менен жаратылыштын байланышы бир экендиги көрүнүп турат. Чынында эле, ыйык жерлердин өзүнүн мыйзамы бар. Мисалы: бак-дарактарды сындырбоо керек, өсүмдүктөрдү тебелебөө керек, жан-жаныбарларды коргоо керек ж.б. мыйзамдар. Кээ бир аймактардын чет жерлеринде жайыттар тебеленип, чачылып калса да, ыйык жерлер жакшы сакталып калган. Анткени, ал жерди эл сактап жана коргоп турат. Мына ошол үчүн ал жердеги жаратылыш сакталып турат. Ошентип, элдин ыйык жерлерге карай болгон өзгөчө мамилеси кылымдар бою сакталып жана бекемделип турат. Жогорудагы эки жолу бар дегенимдин биринчи жолу ушул.

Ал эми экинчи жолун – ошол коруктарды сактоонун салттык усулдары деп карасак болот. Бул өтө чоң жаңылык болуп жатат. Мамлекет коруктарды түзүп, жаратылышты сактоо үчүн аракеттерди жасап жатканда, ал ыйык жерлерди кошуп караса абдан жакшы иш болмок деген ой пайда болот.

Чынында эле ыйык жерлер жалпы элдин аң-сезимине таасир этет. Адамдардын жүрүш-турушун оң жолго салган, жогорку күчтөргө байланышкандыктан, ыйык жерлер өз таасирин берет. Сыйынып, жакшы нерселерди тиленип, түз ниетте болгондуктан мындай ыйык жерлерде жаратылышты сактоо абдан өнүккөн.

Мына, адамдар ыйык жерлерге ушундай салым кошот экен. Демек, экинчи жолу ушул.

Ар бир аймактын өзүнүн чоң деп саналган ыйык жерлери бар. Кыргызстанда, мисалы Ысык-Көлдө эл көп барып сыйынып жүргөн Манжылы-Ата деген жер бар. Адамдар ал жерге барышып, булактардан суу ичип кетишет. Нарында Чеч-Дөбө, Кошой-Коргон, Жумгал-Ата, Кочкор-Ата деген жерлер болсо, Таласта Манас Ордо, Ошто Сулайман-Тоо, Жалал-Абадда Падыша-Ата деген жерлер бар. Эл бул жерге көп барат деп кайсы бир жерди белгилеп айта албайбыз. Себеби, так маалыматты айтуу үчүн саноо керек. Биз мындай изилдөөлөрдү жүргүзгөн жокпуз. Чынында “Бир жылда мынча адам келет экен” деп эсептөө иштерин аткаруу жакшы болмок. Ыйык жерлерге элдин көз карашы негизинен жакшы. Ыйык жерлерди сыйлоо менен бирге, адамдардын “Ата-бабалардан калган жер” деген көз карашы калыптанат. “Элүү жылда эл жаңы” деп, эл жаңырган сайын кийинкилерге ал жерлер жөн эле булак же жөн эле бак болуп калышы мүмкүн.

Дагы айта кетчү нерсе, чет жактан келген диний агымдар да бул калыптанып калган көз караштарды бузат экен. Кыргыздар барып сыйынып, ыйык тутуп келген жерлерди алар “ширк” деп кабыл алышат. Бизге жеткен маалыматтар боюнча кээ бир учурларда, “Силер мындай жерлерге сыйынып, Кудайга шерик кошуп жатасыңар” деп, ошол ыйык жерлерди барып өрттөгөн да адамдар болгон. Негизинен, кыргыздын кулк-мүнөзүнө туура келбеген нерселер болуп жаткан кездер бар. Демек, мындан жыйынтык чыгарсак, жергиликтүү калк ыйык жерлер деп сактап келишсе, кээ бир туура эмес агымга кирип кеткен адамдар тарабынан ошол эле сакталып келе жаткан ыйык жерлер талкаланып да кеткен кездер бар. Биз мындай көз караштардагы адамдарга түшүндүрүү иштерин туура жүргүзүп, эки тарапты сүйлөштүрүп көрсөк, анчалык деле айырма жок экендигин түшүнүп калышат. Ошол мечиттерге барып сыйынгандар менен ыйык жерлерге барып сыйынгандар ортосунда түшүнүшүү пайда болот. Анткени, мечиттерди сыйынуу үчүн адам баласы куруп жатса, ыйык жерлерди сыйынуу үчүн Кудай жараткан болуп жатат. Эки жерде тең Кудайга гана сыйынып жатышат. Биздин мамлекетте “Ыйык жерлерди коргоо” деген өзүнчө мыйзам жок. Туризм жаатына буруу үчүн “Маданий мурас” деп айтып, ошол жаатта иш алып барып жаткандар бар. Жергиликтүү калк менен сүйлөшкөндө алар: “Туристтерди чакырганда өтө кылдаттык менен чакырсаңар”,- деп айтышат. Анткени, бизде “Ыйык жерлердин касиети качты” деген түшүнүк бар. Ошол келген туристтердин жүрүш-туруштары кээ бир учурларда туура болбой калса, алар барган ыйык жерлердин касиети качат. Керек болсо, “Туристтерди ыйык жерлерге киргизбей, көрсөтпөй койсок да болот”,- деген ар кандай көз караштагы сөздөр бар. Кыргызстанда ыйык жерлер көп болгондуктан, кыргыздын бардык жери ыйык деген да түшүнүк бар. Бул жер ыйык, бул жер ыйык эмес деп бөлүп кароо мүмкүн эмес. Ошондуктан, ар бир жерибизди, ар бир аймакты көзүбүздүн карегиндей ыйык сакташыбыз керек.

*Айбек мырзанын ойлорун улап мындай бир чындыкты бөлүшүп койгон туура болор. Казакстанда “Жаркент дарагы”-деген аймактагы токой ошол аталыштагы жалгыз дарактан көбөйгөн экен. Анткени ал жердеги дарактын тарыхы жети жүз жылды камтыйт дешти. Бул ыйык жайды атайын карап көзөмөлдөп турушат. Ал жерге келген зыяратчылардын, туристтердин саны арбын. Бул жерде дарактын бутагын сындыруу эмес түшүп калган жалбырагын да алууга болбойт экен. Ошондон улам дарактын тамырынан уланып чыга берип бүтүндөй бир токой пайда болгон. Мына туулган жерге болгон мамиле. Мына элдин түшүнүгүн түптөөнүн жолу. Негизи, биз элибиздин жерибиздин көркөмүн арттырып аны өз калыбында кийинки урпактарга калтырабыз десек, ыйык аталган бардык жерди тыкыр көзөмөлгө алып, аны кордолуп, тебеленип калуусуна каршы тура алышыбыз керек деген ойго келдим.*

Айбек мырзанын сөзүн далилдегендей редакциябыздын кат куржунуна келип түшкөн маалымат шайкеш келип калды. Анын үстүнө бул жаратылышты коргоо багытындагы долбоордун иштеп жаткан аймагында болгондуктан гезит бетинен орун берүүнү эп көрдүк.

# МАЗАРЛАРДЫН БАШАТЫ

## (Чолпон–Ата айыл аймагындагы "Коргон–Ата" мазары)

Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Чолпон-Ата айыл аймагына караштуу Кара-Күнгөй айылынын түндүк тараптагы тоолордон 15 км аралыкта "Коргон-Ата" мазары жайгашкан.

"Коргон-Ата" мазарынын жанында бал чарбасы менен алектенген Өзүбеков Эмил мазардын аталышы жөнүндө төмөндөгүлөрдү баяндады:

*-Бул жерде илгери Айдың–Көл деген көл болгон экен. Ошол көл мезгил өтүп соолуп, суу жаткан жерлердин нугунда Үңкүрлөр пайда болуп калган дешет. Ушундай себептерденби, же Кудайдын бир сырларынанбы тоо арасында үңкүрлөр көп кездешет. Ошондой үңкүрлөрдү керек учурда тоого чыккан жолоочулар, мергенчилер жана кандайдыр бир элинен запкы көргөн качкындар убактылуу баш паанек кылып жашаган экен. Мына ушундай үңкүрлөрдөн айырмаланган биздин "Коргон–Ата" деген мазардагы үңкүрдүн өзгөчө бир сыры бар.*

*XX–XI кылымда Кара-Кытай баскынчыларынан куугунтук көрүп биздин айылдын тоолоруна Коргон деген ислам динин карманган, касиети бар олуя адам Аксы, Чаткал өрөөндөрүнөн келген экен. Ал жергиликтүү адамдарга зыяны жок, эл менен бат тил табышып, карапайым адамдарга жардам көрсөтүп туруптур. Ал кезде оорулуу адамдарга дем салып, бала көрбөгөн үй-бүлөлөргө дуба окуп, табыпчылык да кылып турган. Көпчүлүк учурда анын дубасынан балалуу болгон үй-бүлөлөр болуп, колунан шыпаа таап, айыгып кеткен адамдар көбөйөт. Ал бат эле эл оозуна алынып кетет. Ошол учурда меймандос кыргыз эли, бул олуяга айыл ичинен жер берип, эл арасына жашап туруусун өтүнүшөт. Бул учурда Коргон олуя ал сунуштан баш тартып, менин зыяным силерге тийип калбасын, эгер макул болсоңор ушул капчыгай ичин мага бергиле, бул жер абдан ыйык жер экен, өмүрүм өткүчө ушул аймакта жашап өтөйүн, - деп суранып, ушул аймактагы касиети бар үңкүрдө жашап калган экен. Мезгил алмашып, элге көрсөткөн кызматынан жана өзүнүн адамдык аброюнан улам Коргон Олуя эл арасында "Коргон Ата Олуя" деген атка ээ болот. Коргон Олуя Ата тоо арасында жашап, калмак баскынчалардан башын куткарып, өмүрү өткүчө жашап калган экен.*

*"Коргон-Ата" олуя жашаган үңкүр болжолу менен деңиз деңгээлинен 1700 метр бийиктикте тоо боорунда жайгашкан. Бул тоо боорунда жалпы 15 ке жакын үңкүр бар. Ошол үңкүрлөрдөн арасында эң чоң көлөмдөгү үңкүр бар. Үңкүрдүн оозунун бийиктиги 5-7 метрди түзөт. Үңкүрдүн ичи 7-10 метр. Үңкүрдүн орто ченинде адам бою тийбеген жерде тоо боорунан зам –зам суусу тамчылап турат. Бул суу ошол кезде кандай акса, азыр дагы ошондой эле тамчылап агып турат. Жергиликтүү сыйынган адамдар бул суудан ичип, дарычылык үчүн колдонууга көп келип турушат. Үңкүргө кирүүгө ниети бар адамдар жакшы тилек тилеп, тазаланып, даарат менен келиш керек. Тазаланбаган, ичимдик ичкен адамдар келбей эле койгону жакшы.*

*Үңкүрдөгү суунун касиети ушунчалык, эгерде үңкүргө жакпаган, күнөөсү көп адам келген болсо, ал учурда тамчылап агып жаткан суу токтоп, адамга кандайдыр бир сыр көрсөтөт. Мындай учурда, ошол адам суу токтоп калгандан кийин, тез үңкүрдөн чыгып, кайра артка кетүүсү шарт. Жок, болбой эле ошол үңкүрдө жүрө берип, жанындагы башка үңкүрлөрдү дагы кыдыра берсе, кандайдыр бир сырдуу көрүнүштөр көрүнүшү мүмкүн. Мындай окуялар илгертен бери болгондугу үчүн айтылып келет. Ал эми жакшы ниетте келген адамдар бата тилеп келсе, тилектери кабыл болуп турат. Көпчүлүк учурда келген зыяратчылар мал союп, куран окутуп турушат. Мазарга жакын агын суунун жээгинде атайын куран окуткандарга мал союп, бышырууга ылайыкташкан жай бар. Чоң үңкүрдүн оң тарабында турак үйгө ылайыкталып тосулган жай бар. Ошол жайда Коргон-Ата олуя жашаган экен. Менин атам айтчу эле, биз бала кезде ошол үңкүр ичинде куран китептер абдан көп эле. Бул жерге сыйынып, зыярат кылуу үчүн Кыргызстандын бардык аймактарынан, Өзбекстандын Андижан аймагынан, Казакстандан молдолор түн ичинде көп келишчү. Түнкүсүн келгенинин себеби, Союз маалында динге, мазарларга сыйынуу мамлекет тарабынан көп кысымга алынган эмеспи. Ошол себептен алар түнкүсүн келип турушса керек. Өзгөчө Талас облусунан көп келип турушат. Көбүнчөсү баласыз үй-бүлөлөр, түшүнөн аян берген адамдар келип, мал союп, куран түшүрүп, түнөп дагы кетишет.*

*Менин тилегеним ушул мазарыбыз элге зыяны тийбеген мазар болсо экен. Эч ким жабыр тартпаса экен.*

*Бетти даярдаган Н. КУРМАНКУЛОВА*

2013-жылдан 2017-жылга чейинки мезилдерде БУУӨП-ГЭФтин долбоорлору менен Ысык-Көл облусунда бир топ ишкерлер өз иштерин баштаган эле. Тилекке жараша, жеке ишкерлердин баштаган иштери илгерилеп, улам жаңы ийгиликтерге ээ болуп жатышат. Демек, долбоор менен иштөө өз натыйжасын берүүдө, барган сайын тажрыйба топтолуп, ишеним артып баратканы анык. Муну ишкерлердин өз оозунан угалы.

Эми, "Алатай", "Кан-Ачуу" жаратылыш парктары жайгашкан Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо жана Токтогул райондорунда 2017-2021-жылдардын аралыгында "Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо" долбоору ишке ашырылууда. Долбоор ишке ашырылган аймактарда да чакан ишканалар ачылып, бир канча айылдыктар өз ишкерликтерин жолго коё алышат.

# ЭЛЕТТИКТЕРДИ ДАҢКТАГАН ИШКАНА



**Маматалиева Кыял,**
**Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Октябрь айыл аймагына караштуу Үч -Кайнар айылынын тургуну**

Айыл жеринде чакан ишкана ачып, аны үзүрлүү иштетүү ар кимдин эле колунан келе бербеген жумуш. Биздин каарманыбыз ар кандай кыйынчылыктардан коркпой долбоор жазып баштаган. Сөздү ишкер айымдын өзүнө берелик.

-2001 -жылдан бери энем белек кылып берген эки тигүүчү машинка менен иштеп баштагам. 2004 -жылдан бери кесиптешим Мирзат менен бирге иштешип келебиз. 2015 -2016-жылдары дагы адам кошуп, жамаат уюштурдук. Айыл Өкмөтү БУУӨП-ГЭФтин алкагында долбоор келгенин угуп, долбоор жазып көрүп, утуп алдык. Бул долбоор менен 8 тигүүчү машинка алдык. Биздин ишканага 5000 доллар акча каражатын бөлүп берди. Ал эми 38 миң сомду айыл өкмөтү жардам катары берди. Ал каражатка керектүү буюмдарыбызды алдык. Ар кимибиз өз жумуштарыбызды бөлүштүрүп алганбыз. Мен бычмачы, кыздар тигүүчү, дагы бирөө үтүктү башкарат. Бишкектен кардар таап, азыркы күндө тыгыз иштейбиз. Балдардын кийимин тигип, Бишкекке жөнөтүп жатабыз. Айыл жергесине да ылайыктуу баа менен кийимдерди тигип, сатыкка чыгаруудабыз. Өзүм менен кошо 4 адамга жумуш орду түзүлдү. Иштегенибизге жараша эмгек акы менен камсыз болгонбуз. Албетте, өзүбүздүн ишибизге жараша каражат болот. Жууркан, төшөк, парда тигип, кээде тапшырыктарды алып да иштейбиз. Эки -үч жылдан бери мектеп формаларын да тигүүгө тапшырык алып, тигип жүрөбүз. Базар баасынан арзан, кол жетимдүү. Бишкектин "Мадина" базарынан керектүү материалдарды өзүбүз тандап, алып келип, тигип, керектүү жерлерге сатып жаттык. Сапаты жакшы. Ак-Суу, Түп райондорунда эки -үч жерде сатык менен иштеген орундар бар. Алар менен да тыгыз иштейбиз. Ал келиндер үстүнө акча кошуп, өз пайдаларын көрүшөт. Жекече тапшырыктарды да алабыз. Жолдошумдун жардамы менен жаңы имарат салынып жатат. Кудай буйруса, жаңы орунда жакшы шарты менен кең ишканага ээ болобуз. Ал жерде мындан да жакшы ийгиликтерге жетише алабыз деп айта алам. Бишкектен тапшырыктарды өз ара сүйлөшүүлөрдүн негизинде аткарабыз. Эки жакка тең пайда болчудай макулдашуулар жүргөн. Сапат жагынан наразычылык жок. Андан тышкары, ар кандай кечелерге жараша балдарга, кыздарга формаларды тиккенге да тапшырыктар болот. Сайма сая турган да машинкаларыбыз бар. Буйруса, ишке киргизип алсак, улуттук оймо-сайма түшүрүлгөн кийимдерди да тигүүнү да колго алабыз. Бизге окшогон ишкерлерди колдоого алган БУУӨП-ГЭФке терең ыраазычылык айткым келет.

# КҮНӨСКАНА СЫНАМЫК ТАЛААСЫНДАЙ КӨРҮНӨТ

Кыдыков Бекбосун ата -Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Ак-Булуң айыл аймагына караштуу Токтогул айылынын тургуну. Агрономдук кесибинин үзүрүн көрүп, жасаган эмгегинин мээнети кайтып турган кези. Колуна кол, бутуна бут болуп, турмуштун арабасын бирге тартып келе жаткан байбичеси, уулу болуп көптөгөн жумуштарды тоодой күч менен омкоруп келе жатышат. БУУӨП-ГЭФтин долбоорунун негизинде, күнөскана курушуп, бадыраңдын, помидордун түшүмүн мол алып, айылдын тегерегиндеги аймактарды камсыздап жатышат. Анда сөздү атабыздын өзүнө берсек.



- Былтыркы жаздан баштап иштеп жатабыз. Кыш узагыраак, суук болгондугуна байланыштуу күнөсканалар бир катардан жабылса, биз эки катмар кылып жаап, жылуу болушун шарттап жатабыз. Негизи бадыраң менен помидорду бир жерге өстүрүүгө болбойт. Былтыр жалаң бадыраң өстүрсөк, быйыл эксперимент жасап, экөөнү тең өстүрүп көрөлү деп чечтик. Күнөскананын ортосун поликарбонат деген материал менен экиге бөлдүк. "Эл эмгегин жер жебейт" деген эң туура, экспериментибиз ийгиликтүү болуп, түшүмүн жеп жатабыз. Бул жерде ар бир түп өсүмдүккө баладай карайбыз. Ооруп калбасын деп өзүнүн агроыкмаларын сактап карайбыз. Биз негизи чарбабызды органикалык багытта жүргүзөбүз, былтыр бир аз химикат колдонсок, быйыл эч кандай химикат пайдаланбадык. Помидор менен картошканын сабагын бочкага салып, суу куюп, 5 саат чылап койсок, күчтүү дары болот, аны ооруларына чачсак жакшы. Негизги кесибим агроном болсо да, чарбанын иши менен күнөсkананын иши эки башка экен. Акырындап үйрөнүп жатабыз. Өзүм билбеген көп нерселерим бар, бирок билгендеримди үйрөнөм деген дилгир жаштарга эч тоскоолдуксуз үйрөтүп жатам, дагы деле үйрөтө берем. Келишимдин негизинде 4 адам иштейт. Алардын акысын да төлөп беребиз. Мындан тышкары, чарбакта кулпунай өстүрөбүз. Бир килосун 100 сомдон сатып, айылдын элин камсыздап турабыз. Эксперимент жасаганды жакшы көрөм. Биздин аба ырайына ылайык келген монгол дарбызын да өстүрүп жатабыз, буйруса түшүмү кандай болор экен деп турган кезибиз. Күнөсканананы кыштын күнү да токтотпой иштетүү үчүн, көмүр, электр энергиясы менен жылытуу жолдорун иштеп чыктык. Жаңыдан иштеп баштагандыктан, түшкөн кирешенин баарын кайра эле өзүнө жумшап, ишти бир нукка коюп алуу үчүн аракеттенип жатабыз. Быйылкы жылдын эсебинен, буйруса, мектептин башталгыч класстарынын тамак-ашын бекер жашылча менен камсыздайбыз деп турабыз. Мындан сырткары дагы "Калифорнийский красный червь" деп коёт, ошону Жети-Өгүз районунан 10 кг сатып келип, көбөйтүп алдым. Ал кыкты иштетип, биогумус чыгарат. Азыркы убакта бир тоннага жетип калды. Дагы, тооктун кыгын, картошканын сабагын, отоо чөптөрдү аралаштырып, ачытуу жолдору менен жер семирткич алсак болот. 10 л суута 1,5 л семирткич кошуп, ар бир түпкө куюп чыкса, өсүмдүккө абдан пайдалуу.





**Ушундай жакшы пикирин ортого салган Бекбосун атабыздын ишиндеги ийгиликтердин көп болушун жана күнөсканасынын гүлдөй беришин каалайбыз.**

# ЭЛЕТТЕ ЭКОТУРИЗМ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА



Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Ак-Булуң айыл аймагына караштуу Түргөн капчыгайынын оозунда турабыз. Бул жерде этнокомплекс түзүлгөн экен. Ал жердин ишин башкарып жөнгө салган жетекчиси **Дабаев Алмазбек** ишканасы тууралу буларды айтып берди:

*- Жамаатыбызда 10 адам кызмат кылат. БУУӨП-ГЭФтин каржылоосу менен былтыртан бери иш алып барабыз. Келген конокторудун маданияттуу эс алуусун камсыздап, жаратылыштагы кооздукту сактап, аярлап, кадырлап, кийинки муунга эч өзгөрүүсүз өткөрүп берүү максатында иш алып барабыз. Документтерди бардык инстанциялардан толуктап, мыйзамдуу түрдө иштейбиз. Кудайга шүгүр, адамдардын жаратылышка болгон көз караштары өзгөрүп, табиятты сүйүп, барктап, маданияттуу эс алууну үйрөнүп калышкан азыркы мезгилде. Бээ саап, кымыз ичишет. БУУӨП-ГЭФ бөлгөн каражатына беш боз үй алганбыз. Калган боз үйдүн ички жасалгаларын, идиштерди өздүк салым менен алганбыз. Бул мезгилге чейин айыл өкмөтүндө иштеп, чарбачылык менен алектенчүбүз. Киреше жакшы. Волейбол, футбол ойноочу аянтчалар бар. Комплекстин аймагы токой чарбасына карайт. Ижара акысын төлөп турабыз. Кирешени жалпы жамааттын чечими менен бөлүштүрөбүз. Элдер бешик той, тушоо тойлорун өткөрүп турушат. Той берип эс алгандар үчүн боз үйдүн ижара акысы бир күнгө 2000 сом. Тамак–ашын өздөрү алып келишет, калганын жамааттан алат. Тейлөө өздөрүнөн. Аймагыбыз 3, 5 га жерди камтыйт. Бул да болсо ички экотуризмди колдоп жатканыбыз деп билебиз. Келип эс алгандарга айланабызды таза сактап, бүлүндүрбөй пайдалануусун эскертип турабыз.*



*Бетти даярдаган*
*Айнура ЭЛГОНОВА*

# “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ЭКОЛОГИЯ

Ноябрь айында Бишкек шаарында БУУӨП-ГЭФ тарабынан уюштурулган атайын эксперттер катышкан “Манас” эпосундагы экология маселесин чагылдарган анимациялык фильм тартуу боюнча талкуу болуп өттү. Талкууга КР УИАнын Адабият жана Тил институтунун адистери, манастаануучулар, кинорежиссерлор жана аниматорлор катышышты.

Бул талкуунун уюштуруучулары БУУӨП-ГЭФтин атайын долбоорунун негизиндеги иш чаралар тууралуу айтып беришти.

“Рух ааламы” коомдук фондунун жетекчиси Ренат Түлөбердиевдин айтуусу боюнча улуу эпостун негизинде экологияны чагылдырган мультипликациялык фильм тартуу 2017-жылы башталган. Ал эми БУУӨП-ГЭФ колдогон бул долбоор аркылуу тартылуучу анимациялык фильмдин негизги максаты- өсүп келе жаткан жаш муундарга эпостогу жаратылышты сактоо жана коргоо темасынын мазмунун жана идеясын толук ачып берүү.

Аталган эксперттик талкууда “Манас” эпосунун бир канча бөлүктөрүнөн турган синопсистер талкууга алынды. Бул синопсистер кинорежиссер Жаныш Кулмамбетов тарабынан иштелип чыккан.



“Рух ааламы” коомдук фондунун жетекчиси **Ренат Түлөбердиев:**

- Биздин бул долбоорду ишке ашырууда БУУӨП-ГЭФ жакындан жардам берип келе жатат. Алардын Батыш Тянь-Шандагы биоартүрдүүлүктү сактоо боюнча долбоору бар. Мына ушул долбоордун негизинде биз БУУӨП-ГЭФ менен тыгыз байланышта иш жүргүзүп келе жатабыз. Улуу эпосубуз “Манас” эпосунан бир канча серия тартууну пландап жатабыз. Азыркы учурда биздин балдар “Манас” эпосунун толук мазмунун жана идеясын билишпейт. Албетте, биз негизги идеяны толук чагылдырып берүү менен бирге, табигый жаратылышты да кеңири камтып кетүүбүз зарыл деп ойлойм. Бүгүнкү талкууга коюлган синопсистер дагы да каралып, манастаануучулар, аниматорлор, режиссерлор жана башка мына ушул тармакка тиешелүү адистердин талкууларынан өтүп, таразаланып, атайын мекемелер тарабынан бекитилгенден кийин гана тартуу иштери башталат. Анимациялык фильмди тартууга мыкты аниматорлор сынактын натыйжасында алынат. Биз жалпы көрүүчүлөргө эң мыкты азыркы учурдун талабына ылайык анимациялык фильмди тартуулоону максат кылуудабыз.



БУУӨПтүн долбоорунун координатору **Миргүл Аманалиева:**

- Бул долбоордун негизги максаты- адамдарга аларды курчап турган айлана-чөйрөнү кантип сактоо жана коргоо керектигин түшүндүрүү. Азыркы учурда адамдарга биоартүрдүүлүк боюнча маалыматты жеткирип жатабыз. Чынында азыр жаратылышка этияттык менен мамиле кылуу боюнча кеңири түшүнүк жок болууда. Жаш балдарга кичинекей кезинен баштап жаратылышка аяр мамиле жасоого үйрөтүү биздин милдетибиз жана максатыбыз болушу керек. Биздин долбоорго мына ушундай мазмунду камтыган идея менен режиссер Жаныш Кулмамбетов башында турган демилгечи топ кайрылышкан эле. Алар "Манас" эпосу боюнча атайын мультипликациялык фильм тартууну көздөшкөндүгүн билдиришти. Албетте, биздин уюм бул долбоорду карап чыгып, анын ичинде биоартүрдүүлүк боюнча жакшы идеяларды колдоп жатабыз. Ошондуктан бүгүнкү иш чарага бизге сунуш кылынган синопсистерди талкууга коюудабыз.



Публицист-жазуучу, сынчы, адабият таануучу, педагог-окумуштуу **Советбек Байгазиев:**

- Албетте, улуу баатыр Манастын эстелиги Турциянын Стамбул шаарында тургузулганына кубанып жатабыз. Чынында биз “Манас” эпосу бүткүл дүйнө жүзүнө тарап, баардык чет тилине которулса деген тилектебиз. Мындай зор эпостун ичинде зор окуялар, мыкты идеялар жатат. Мына ошолордун баарын жаш муундарга жеткирүүбүз керек. Мисалы эпосто жаратылыш, жан-жаныбарлар, канаттуу куштар жана башкалар камтылган. Ошондой эле бүгүнкү БУУӨП-ГЭФ өз программасында камтыган биоартүрдүүлүк мына ушул эпостун ичинде жатат. Айталы боз үй. Анын ар бир жыгачы, үйдү каптаган кийизи, жип-шууларынын баары таза табигый нерселерден куралган. Мына ушул аздектелген улуу мурасты биз азыркыга чейин алып келе жатабыз. Мунун баары азыр сиздер айтып жаткан “Манас” эпосу тууралуу анимациялык фильмде камтылышы керек. Илгертеден эле адам баласы жаратылыштын кучагында жашап келген. Жан-жаныбарлар менен эриш-аркак болушкан. Албетте, бул биз колдоочу жакшы долбоор. Баарыбыз биригип, бул балдар үчүн даярдалып жаткан фильмдин мазмунуна жана идеясынын туура болушуна өз ой пикирлерибизди чогуу билдиришибиз керек.



*Жыпара ИБРАИМОВА*

## ЖАНЫБАРЛАРГА – ЖАҢЫЧА МАМИЛЕ

“Кан-Ачуу” жана “Ала-Тай” жаратылыш паркын байырлаган жаныбарлардын так эсебин алуу үчүн жакындан бери БУУӨП-ГЭФ долбоорунун негизинде бул паркка фото-капкандар коюла баштаганын айтпай кетүүгө болбойт. Муну менен жапайы жаныбарлардын жүргөн жери, көбөйүшү жана алар тууралу илимий маалыматтарды алуу, браконьерлерге каршы күрөшүү иштери жакшы жагына чечилмекчи.









## АҢ САКЧЫЛАРЫНА АТТАР БЕРИЛДИ

БУУӨП-ГЭФ тарабынан “Ала-Тай” жана “Кан-Ачуу” жаратылыш паркынын токой аң сакчыларына бардык жабдуулары менен аттар берилип, чатырлар, уктоочу төшөк-каптар, сумкалар, кол чырактар тапшырылган. Эми компьютер, ноутбук, рация, фотоаппарат, фотокапкан, дүрбүлөр менен толук камсыздалган токой кызматкерлеринин жапайы жаныбарларга жана өсүмдүктөргө мониторинг жүргүзүп, браконьерлерди кармоо иштерине бир топ жеңилдиктер түзүлдү.










*"Айыл деми" пресс*

# СУЛУУЛУКТУ БААЛАБАСТАР БАРКТАЛБАС

**БУУӨП-ГЭФтин “Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо” долбоору – өсүп келе жаткан жаш муундарды жаратылышка аяр мамиле жасап, жергебиздеги эң бир кооз жерлерди талатпай-тонотпой сактап калуу керектигине үндөйт. Ал – ар бир жаш муундун көкүрөгүнө: “Жаратылыш менен адамзаты бир дүйнө” экендигин кыттай куюп, аны кайрадан сезимден – сезимге, муундан – муунга өткөрүп берүү вазийпасы. Мына ушул максатта, БУУӨП-ГЭФ КР Билим берүү министрлиги жана КРнын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги менен чогуу республикабыздын бардык мектептеринде окуучулар арасында жаратылыш тууралу дил баян жазууга сынак жарыялаган.**



Тилекке жараша, өсүп келе жаткан муундардын арасында жаратылышты көздүн карегиндей сактап калуу керектигин терең түшүнгөн жаштарыбыз өтө көп экендиги анык болду. Ар бир окуучунун дил баянында курчап турган чөйрөнү коргоо көйгөйлөрү ачыкталып, аны кантип чечүү керектигине сунуштар түшкөн. Ар бир дил баяндын өзөгү “Жаратылыш – жан досум” деген идеядан турганы, келечек муундарга болгон ишеничти бекемдейт.

Айлана-чөйрөбүздүн керемет кооздугу, сулуулугу – кыргыз элинин баа жеткис сыймыгы. Жакында Базар-Коргон районунун Арстанбаб айыл аймагында болуп келдик. Ошол жерде жүрүп, Америкадан келген Аллан аттуу жарандан биздин өлкөдөн кандай таасир алганын сурадым. «Мен дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө болдум. Чынында ар жердин өзүнүн сулуулугу бар. Бирок ошол кыдырган өлкөлөрдүн арасында Кыргыз жериндей керемет сулуу жерди көрбөгөндүгүмдү моюнга алышым керек. Мына дүйнө жүзүнүн эч бир жеринде кездешпеген табигый жаңгак токойлорунун өзү канчалык керемет»-деген эле.

**БУУӨП-ГЭФтин «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо»** долбоору аркылуу өлкөбүздүн жаратылышын сактоо колго алынды. Долбоордун максаттарынын бири - өсүп келе жаткан жаш муундарды жаратылышты коргоого үйрөтүү жана жан дүйнөсүнө сиңирүү. Республиканын айылдык мектептеринде атайын дил баяндар сынагы уюштурулуп, бул сынак окуучуларды жаратылыш байлыктарын сактоого үндөгөн сынак болду. Окуучулар арасында уюштурулган бул сынактын жыйынтыгы үстүбүздөгү жылдын май айында чыгарылып, окуучулардын жеңүүчүлөрү аныкталган.

Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Б. Үкүев атындагы орто мектебинин окуучусу Акылай Барктабасова гран-приге ээ болду. Алдыңкы орундарды алган окуучуларга фотоаппарат, ноутбуктар менен баалуу белектер дипломдор менен бирге берилди.

Бул жыйын КРнын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинде өттү.

Бул сынак БУУӨП тарабынан каржыланып, сынактын жеңүүчүлөрүнө атайын сыйлыктар тапшырылды.

***Жаратылышка жырткычтык мамиле жасоонун арты албетте жакшылык менен бүтпөйт. Тескерисинче, ар бир бактын жайкалып өсүшүн камсыздап, жаратылыш байлыктарын сактоо менен Жер шарындагы бүткүл адамзатын сактап калууга боло турганын кийинки муундагы жаштар терең түшүнүшү зарыл. Окуучулардын дил баяндарында дал ушул маселелер көтөрүлгөнү көңүл жылытат.***


***Мектеп партасында отурган окуучулар турмуш жолунда жаратылышты сактоого жакшылап көңүл бурарына ишенебиз. Долбоорду ишке ашырган аймакта эле эмес, жалпы Кыргызстандын курчап турган айлананы коргоодо көп жаштарга үлгү болоору бышык. Сынактын катышуучуларына зор ийгиликтерди каалайбыз!***



# “БААРЫБЫЗ ЖАРАТЫЛЫШТЫН БАЛАСЫБЫЗ!”





Учурда БУУӨП-ГЭФтин “Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо” долбоорунун алкагындагы “Ак илбирсти коргоо” программасы кулач жайды. Андагы “Экобилим” пунктуна ылайык, мектеп окуучулары, бала-бакчанын кичинекей тарбиялануучулары менен эң пайдалуу жана кызыктуу иш чаралар уюштурулууда. Жаш балдардын жадында: “Адам баласы – жаратылыштын бир бөлүгү” деген түшүнүк калып калышы керек...

Аталган долбоордун иш аракеттери өз кезегинде түшүмдүү болду деп айтса болот. Себеби, кичинекей бөбөктөр чоң адамдарга караганда өздөрүнүн сезимталдыктарын көрсөтүшүүдө. Алар Ала-Тоо койнун мекендеген ак илбирстерди жырткыч жаныбар катары эмес, өздөрүнүн бир туугандары катары сүймөнчүк менен кабылдашууда.

Андай иш чаранын бири Тогуз-Торо районундагы “Бейше” жана “Бирдик” орто мектептеринде болуп өттү. “Ак илбирсти коргоо Күнүнө” карата өткөрүлгөн бул иш чарада кичинекейлер жаратылыштагы чоң көйгөйлөргө аралашып, жалпы эле адамзатты толгонткон маселелерди чечүүгө аракеттеништи. Балдар үчүн тоо-токой, өзөн-суу, жан-жаныбар... АДАМ БАЛАСЫ баары бирдей. “Баарыбыз – жаратылыштын баласыбыз”,- дешет алар.



